Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлери үчүн 2025-2026-окуу жылына карата август кеңешмелерине

# МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

# МЕТОДИЧЕСКИЕ РЕКОМЕНДАЦИИ

к августовским совещаниям педагогических работников образовательных организаций Кыргызской Республики на 2025-2026 учебный год


http://www.kutbilim.kg

# Кут Билим

2025-ЖЫЛ, 15-АВГУСТ №30-31 (10211-10212)

КООМДУК-ПЕДАГОГИКАЛЫК, ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ БАСЫЛМА / ОБЩЕСТВЕННО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ, НАУЧНО-ПОПУЛЯРНОЕ ИЗДАНИЕ


# "АЛТЫН КАЗЫК – ДООР ӨЗГӨРТКӨН БИЛИМ"

## АВГУСТ ПЕДАГОГИКАЛЫК ФОРУМУ

*Педагогдордун салттуу август кеңешмеси 18-19-августта Ош шаарында болот. Күн тартибинде – улуттук жаңы билим берүү модели, жаңы окуу жылынын өзгөчөлүктөрү, заманбап жаңылануу милдеттери.*












# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА ОКУУ

Быйылкы 2025-2026-окуу жылында «Кыргыз тили жана окуу» предметтерин окутуу мурдагы жылдарга караганда бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Биринчиден, быйылкы окуу жылында Кыргыз Республикасы 12 жылдык билим берүүгө өтүүсүнө байланыштуу ченемдик-укуктук документтер, анын ичинен, республиканын жалпы билим берүүчү мекемелеринде 12 жылдык билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары, кыргыз тили жана окуу предметинин предметтик стандарты жана окуу программалары жаңы жазылды. Аталган предметтердин Базистик окуу планындагы орду аныкталды, окуу сааттары такталды, предметтердин концепциясы, максат-милдеттери, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр, предметтин мазмуну, окуучулардын билимин баалоо жолдору ж.б. жаңыртылып сунушталды.

Экинчиден, мурунку жылдары Кыргыз тили жана Адабий окуу предметтери деп аталып келсе, бул жылдан баштап, окуу ишмердигинин ар тараптуулугу жана окуунун функционалдуулугу эске алынып, Окуу предмети деп аталды. Муну менен, Окуу предметинин мазмуну кеңейет, окуучулар көркөм адабий тексттер менен гана таанышпастан, кептин ар кандай түрлөрү жана стилдерине жараша тексттерди окуу менен, окуу ишмердигинин мүмкүнчүлүгү кеңеймекчи.

Үчүнчүдөн, 1-класстан тартып, окуучунун кебин өстүрүү жана сабатын ачуу иши, адегенде, «Алиппеге даярдык» аттуу жумушчу дептер менен башталат да, андан ары «Алиппе» китебинен окуучулар сабаттуулугун арттырышат. Алиппеден соң, чакан «Кыргыз тили» курсу өтүлөт. Аны менен окуучулар 2-класстын Кыргыз тили окуу китебин сабаттуу окууга даярдык көрүшөт. Быйылкы 2025-2026-окуу жылында «Кыргыз тили» предмети жаңы концепция менен предметтик стандарттын талаптарына жараша бир катар жаңылануу менен окутулат. Атап айтканда, аталган концепция менен стандартта үч технология сунушталган.

Биринчиси, «тил – маданият» технологиясы. Бул эмнени түшүндүрөт? Албетте, азыркы күндө колдонулуп келаткан Кыргыз тили окуу программасы грамматикалык-фонетикалык материалдарга бай. Коомчулуктун жана адистердин пикири боюнча алсак, окуу программасы менен окуу китептери илимий материалдарга жык толуп, окуучулардын кеби жарды, сөз байлыгы начар, ошондуктан, грамматикалык материалдардан арылтып, кыргыз тили сабагында элдик тилди, этнолингвистикалык байлыктарыбызды, сүйлөшүү маданиятыбызды балдарга үйрөтүүнү көздөө зарыл. Бул идея аталган технологиянын өзөгүн түзмөкчү.

Экинчиден, 5-9-класстарга «грамматикадан-кепке» технологиясы киргизилди. Бул эмнени түшүндүрөт? Мурдагы программада 5-класстан 9-класска чейин ар бир класстын курсунун башында байланыштуу кеп, текст, кептин түрлөрү, стилдер жана кеп маданиятынын материалдары киргизилип окулуп келет. Бирок муну менен "Окуучулардын кебин грамматикалык материалдар менен бирдикте өстүрөбүз" деген идея ишке ашкан жок. Жаңы программада аталган эки багыттагы материалдарды бириктирип, мазмундук жактан интеграциялап, айкалыштырып бердик.

Ал эми 9-11-класстарда, тескерисинче, «кептен – грамматикага» деген технологияны сунуштап жатабыз. Мында окуучулар тексттин грамматикасын, анын тилин, түзүлүшүн, сүйлөмдөрүн, сөз каражатын иликтеп, талдап, жаңы текст түзүп машыгышат да, сабаттуулукка багыт алат.

Үчүнчүдөн, мектепте окуучулар кыргыз тилинен да, адабиятынан да маалыматтык билимге гана ээ болбостон, функционалдык сабаттуулукка жетишүү кажеттиги эске алынууда. Ал үчүн кыргыз тилинен жана адабияттан бекем билимге ээ болуу, аны түшүнүү, практикада колдонуу, өздөштүрүү кезинде жаралган проблемалуу жагдайларды чече билүү, андан ары чыгармачылык мамилеге окуучуну көнүктүрүү, жаратмандыкка үйрөтүү ишке ашмакчы.

Мунун өзү «жайкын билим берүүдөн-тикелей билим берүүгө» деген технологияны эске салат. Бул окуучунун ишмердик менен билим алуусуна багыт бермекчи.

**КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА ОКУУ ПРЕДМЕТТЕРИНИН ОКУУ ПЛАНЫНДАГЫ ОРДУ**

**Кыргыз тили жана окуу предметтерине бөлүнгөн сааттардын жалпы көлөмү:**

| к\№ | Класстар | Жумалык саат | Жылдык саат |
|---|---|---|---|
| 1. | 1-класс | 4 саат | 128 саат |
| 2. | 2-класс | 5 саат | 165 саат |

**Мунун ичинен, гыргыз тилин окутууга бөлүнгөн сааттар:**

| к\№ | Класстар | Жумалык саат | Жылдык саат |
|---|---|---|---|
| 1. | 1-класс | 3 саат | 96 |
| 2. | 2-класс | 2 саат | 66 |

**Окуу предметине бөлүнгөн сааттар:**

| к\№ | Класстары | Жума бою | Жыл бою |
|---|---|---|---|
| 1.<br>2 | 1-класс<br>2-класс | 1 саат<br>3 саат | 2-3-4-чейректерде<br>26 саат<br>102 |



**КЫРГЫЗ ТИЛИ ПРЕДМЕТИН 1-КЛАССТА ОКУТУУ**

1-класста адаттагыдай эле сабат ачуу «АЛИППЕ» китебин менен ишке ашат. Базистик окуу планында буга жумасына 4 сааттан убакыт бөлүнгөн. «Алиппени» окуп-үйрөнүү, методикалык жактан алганда, 3 мезгилди камтыйт, алар: «Алиппеге» чейинки мезгил, «Алиппе» мезгили жана "Алиппеден" кийинки мезгил. «Алиппеге чейинки мезгилде» окуучунун сабатын сөзүн өстүрүүгө көңүл бурулат да, "Жумушчу дептери" аттуу окуу куралы менен иш жүрөт. Ал «Наристе» программасынын материалдарына таянылып даярдалган да, анын 29 тематикасы камтылган.

**Бул мезгилде сабакта кандай иш-аракеттер аткарылат:**

1) Адегенде, «Иш дептердеги» тематикаларга жараша сюжеттүү сүрөттөр боюнча оозеки аңгемелешүүлөр жүрөт, окуучулар сүрөттөрдү боёшот, өз алдыларынча сүйлөп беришет;

2) Кийинки сабакта кырдаалдык жана предметтик сүрөттөр берилген. Окуучулар андагы предметтик сүрөттөрдү боёп, кырдаалдык сүрөттөр боюнча суроолорго жооп берип, сүйлөп, аңгемелешүүлөр жүрөт;

3) Бул иштерге улай эле окуучулардын кол көндүрүү иштери аткарылат. Анда: чекиттүү, толкундуу сызыктарды жана ар кандай фигураларды элестеткен сызыктарды туташтырып, андан ары тамгаларды элестеткен ар кандай: тике, жандык, ийги, тегерек, сүйрү ж.б. белгилерди жазып машыгышат, "Алиппеге" даярдык көрүп, кол көндүрүшөт.

*"Алиппе мезгили"*

"Алиппе мезгили" 2-3-4-чейректерди камтыйт да, жумасына 3 сааттан өтүлөт, жалпы – 69 саат. Бул мезгилде окуучунун толук сабаттуулугу ачылат, т.а., кыргыз алфавитин толук өздөштүрүшөт. Ошону менен бирге, угуу, сүйлөө, окуу, жазуу ишмердиги боюнча иштер аткарылат. Окуучулардын фонематикалык, артикуляциялык жана каллиграфиялык көндүмдөрү калыптанат.

Бул мезгилде иш төмөндөгүдөй көлөмдө аткарылат, т.а: ар бир тыбышты айтып тил жатыктыруу, аны белгилеген тамганы жазуу, тамгалар менен түзүлгөн муундарды жана сөздөрдү окуу, жазып кол көндүрүү ж.б.у.с. Ар бир тамгага 2 сааттан убакыт бөлүнгөн. Мисалы: "А" тыбышы, жазуу жана боёо – 2 саат; "Т" тыбышы менен тааныштыруу, бышыктоо, жазуу жана боёо – 2 саат; "П" тыбышы, жазуу жана боёо – 2 саат; «Н» тыбышы, жазуу жана боёо – 2 саат...ж.б.

*"Алиппеден кийинки мезгил"*

Бул мезгил «Кыргыз тили жана кеп өстүрүү" деп аталат. Буга быйылкы окуу жылында 4-чейректе гана 4 саат (май айы) убакыт бөлүнөт. Келерки окуу жылдарда «Алиппеге чейинки» мезгил кыскарат, анын эсебинен, Кыргыз тилине саат көбүрөөк ыйгарылмакчы да, мүмкүн болушунча, бир чейректи камтыйт.

Быйылкы окуу жылында кыргыз тили сабактарынан окуучуларды кыргызча кеп этикетине үйрөтүүчү практикалык көнүгүүлөр аткарылат, т.а.: улуу-кичүүгө сылык кайрылуу; сылык учурашуу жана сылык таанышуу; сылык кечирим суроо; сылык маектешүү жана сылык коштошуу...ж.б.

**ОКУУ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУ БОЮНЧА**

1-класста Окуу сабагы 2-3-4-чейректи камтыйт, т.а. программа боюнча жумасына: 1 саат, жалпы – 26 саат өтүлөт. Окуу сабагы «Алиппе» китебинин «Окуу жана сөз өстүрүү» деп аталган 2-бөлүгүндөгү тексттерди пайдалануу менен ишке ашат. Бул учурда, мугалим окуучуларды окууга көнүктүрүү иш-аракетин аткарат. Негизинен, тексттерди мугалим окуп берет.

**Окуу сабактарында:**

- ыр окуп берүү жана аңгемелешүү;
- аңгеме окуп берүү жана аңгемелешүү;
- жомок окуп берүү жана аңгемелешүү;
- ыр жаттоо, көркөм айтууга жатыгуу ишке ашырылат.

**2-КЛАССТА КЫРГЫЗ ТИЛИН ЖАНА ОКУУ ПРЕДМЕТТЕРИН ОКУТУУ:**

Быйылкы жылдагы 2-класстын окуучуларынын бир өзгөчөлүгү – 2018-жылы туулган балдар 2-класска (секирик жолу менен) киришет. Алардын ичинде, «Наристе» программасы боюнча даярдыктан толук өткөн, жарым-жартылай өткөн жана такыр өтпөгөн балдар да болушу ыктымал. Ошондуктан алар үчүн окуу жылынын биринчи чейрегинде (сентябрь-октябрь айлары) «адаптациялоо» шарты уюштурулат. Бул учурда: 1-чейректе жумасына 5 сааттан, жалпы 45 сааттык мезгилде «Алиппе» китеби окулат. Анын максаты: окуучулардын сабаттуулугун толук ачуу, окуу-жазуу көндүмдөрүн бышыктоо, угуу, окуу, жазуу, сүйлөө ишмердиктерин өнүктүрүү болуп саналат.

Андан соң, 2-3-4-чейректерде окуучулар 2-класстын программасына толук киришет, т.а.: Кыргыз тили предмети менен Окуу предмети өз алдынча, окуу жылынын аягына чейин (айрым окуу материалдары кыскартылуу менен) окутулат.

Мында Кыргыз тили 2-3-4-чейректерде жумасына – 2 сааттан, жалпы – 56 саат, ал эми Окуу предмети жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат окулат.

Окуу сабагында окуучуларды окуу техникасына, сабаттуу окууга, көркөм окууга, окуу жана түшүнүү көндүмдөрүнө машыктырууга айрыкча көңүл бөлүнмөкчү.

**КЫРГЫЗ ТИЛИ ПРЕДМЕТИН 5-7-КЛАССТАРДА ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ**

Быйылкы окуу жылында 5- жана 7-класстар 12 жылдык билим берүү стандартынын негизинде окушат. Ошону менен бирге, дагы бир өзгөчөлүк – быйылкы окуу жылында 5-6-класстардын окуу материалдары интеграцияланып өтүлөт да, келерки окуу жылында алар 7-класстын программасына "секирик" жасашат, т.а. 7-класска отурушат. Ал үчүн, быйылкы окуу жылында 5-класстын программасы менен 6-класстын программаларынын мазмуну интеграцияланды.

Ал төмөндөгүдөй тартипте ишке ашырылды. Мисалы, 5-класстан,

***1-жарым жылда (1-2-чейректе):***

- Сөз айкашы жана сүйлөм;
- Текст тууралуу түшүнүк, текст менен иштөө;
- Тексттин бирдиги сүйлөм, текст талдоо;
- Сүйлөмдүн түрлөрү, жөнөкөй жана татаал түрү. Тексттен таап талдоо.
- Диалог, түзүлүшү, текст талдоо;
- Фонетика, графика.

Лексика, сөз курамы, сөздүн түрлөрү, дилектизмдер, аларды тексттен таап талдоо.

***2-жарым жылда (3-4-чейрек):***

- Фразеологизмдер

***6-класстан:*** орфографиянын эрежелери;

- Зат атооч, сын атоочтор, негизги категориялары;
- Кептин сүрөттөө түрү, текст менен иштөө, талдоо;
- Сан атооч, этиштер, анын категориялары;
- Текст талдоо, тексттен таап түшүндүрүү, текст түзүү иштери.
- Кептин түрлөрү, баяндоо, ой жүгүртүү, ж.б.
- 7-класс, анын негизги материалы: морфология (сөз түркүмдөрүн бышыктоо жана жыйынтыктоо).

**КЫРГЫЗ ТИЛИН 8-11-КЛАССТАРДА ОКУТУУДА КӨҢҮЛ БУРУУЧУ ЖАГДАЙЛАР**

Бул класстарда кыргыз тили 11 жылдык билим берүү стандарты менен окуу улантылат. Анда, негизинен, 8-9-класстарда Синтаксистин толук курсу өтүлөт. Ал эми, 10-11-класстарда кыргыз тилинин жалпы окуу курсу жыйынтыкталат.

**Бул учурда билим алууга функционалдык мамиле жасоо жана ишмердиктин мына бул түрлөрүнө көңүл бурулушу керек:**

- окуу материалдарын өздөштүрүү;
- өздөштүргөн окуу материалдарынын маанисин түшүнүү;
- үйрөнгөндөрүн практикада колдонууга машыгуу;
- колдонуу кезинде жаралган проблемалуу жагдайларды чече билүү;
- үйрөнүү ишине чыгармачыл мамиле жасоо;
- окуучунун жаратмандык аракеттерине көңүл буруу жана багыт берүү, аны уюштуруу.

**С.РЫСБАЕВ,**
**Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери п.и.д., проф.**

## (орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдары үчүн)

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагында 12 жылдык билим берүүгө өтүү багытында системалуу өзгөрүүлөр жүрүп жатат. Мындай шартта мамлекеттик тил – кыргыз тилин окутууну учурдагы коомдук-илимий талаптарга, билим берүүдөгү жаңы багыттарга жана көп тилдүү чөйрөдө билим алган окуучулардын өзгөчөлүктөрүнө ылайык кайра карап чыгуу зарылдыгы бар. Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүп жаткан балдар үчүн окутуу ыкмалары жеткиликтүү, түшүнүктүү, турмуштук кырдаалдарга ылайыкташкан жана тилди иш жүзүндө колдонууну камсыздаган болушу керек. Тилди окутууда окуучунун тилге болгон кызыгуусун ойготуу, аны күнүмдүк жашоодо колдонууга багыт берүү жана жандуу тилдик чөйрө жаратуу негизги максат катары каралууда.

**2025-2026-окуу жылындагы Кыргыз тили предметинин базистик пландагы орду**

| Предмет | Класс | Сааты: Жумасына | Сааты: Жыл бою | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили жана окуу | 1 | 2 | 68 | 12 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 2 | 3 | 102 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | | 2 | 68 | 12 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 3 | 3 | 102 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 4 | 3 | 102 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| Кыргыз тили | 5 | 2 | 68 | 12 жылдык билим берүүнүн алкагындагы интеграцияланган класс |
| | 6 | 2 | 68 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 7 | 2 | 68 | 12 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 8 | 2 | 68 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 9 | 3 | 102 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 10 | 3 | 102 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 11 | 3 | 102 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |

Мындай мамиле мамлекеттик тилдин колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, окуучулардын тилдик сабаттуулугун бекемдөөгө жана билим берүүнүн мазмундук сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Заманбап билим берүү парадигмасы – бул билимди өздөштүрүүдөн тышкары, окуучунун жашоодогу ар кыл кырдаалдарда иш-аракет кыла билүүсүнө, өз алдынча ой жүгүртүүсүнө, чыгармачыл чечимдерди кабыл алуусуна, натыйжалуу баарлаша алуусуна жана жарандык аң-сезимин калыптандырууга багытталган. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда окуучулардын тилди колдонуу жөндөмүн (сүйлөө, түшүнүү, жазуу, угуу) ишке киргизүү – башка предметтерди өздөштүрүүгө, коомдук турмушка активдүү аралашууга, өз оюн эркин билдирүүгө жана келечекте билим алууну улантууга өбөлгө түзөт. Кыргыз тилиндеги көркөм тексттерди окуу жана түшүнүү – окуучунун эстетикалык табитин, дүйнө таанымын, руханий дүйнөсүн жана баалуулук мамилесин калыптандыруунун негизги каражаты болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында жүрүп жаткан 12 жылдык билим берүүгө өтүү шартында, 2025-2026-окуу жылынан баштап 1-, 2-, 5-, жана 7-класстардын окуучулары жаңы түзүлгөн предметтик стандарттарга (2025) жана окуу программаларына (2025) ылайык билим алууга өтүшөт.

### ОКУТУУНУ УЮШТУРУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

• Кыргыз тили экинчи тил катары функционалдык-коммуникативдик мамиледе үйрөтүлөт.

**1-класста окуу процесси «Наристе» программасына ылайык, балдардын жаңы социалдык чөйрөгө жигердүү аралашуусун камсыздаган социалдаштыруу шартында жүргүзүлөт.** Окуу жылынын башталышында балдардын мектепке көнүүсү, мугалим жана классташтар менен тил табышуусу, тилдик жана коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандыруу негизги орунда турат. Бул максатта тилге жатыктыруучу дидактикалык оюндар, жуптук жана топтук иштер, тилге жатыктыруу, сүйлөө көндүмдөрүн өстүрүү, сөздүк корун кеңейтүү боюнча дидактикалык оюндар, сюжеттик сүрөттөр колдонулат. 3-чейректе окуучулар кыргызча тыбыштар менен таанышып, жөнөкөй графикалык көнүгүүлөрдү (чекит, сызык, чарчы, элес сүрөт) аткарып, тамгаларды басма түрүндө жазууну үйрөнүшөт. Бул көнүгүүлөр кол жазууга даярдык катары кызмат өтөп, андан кийин басма тамгаларды жазуу жөндөмүн өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

2-класста ар түрдүү даярдыктагы 7 жаштагы балдар билим алат. Сентябрь-октябрда адаптациялоо мезгили уюштурулуп, 1-класстын Окуу китеби колдонулат. 2-чейректен окуу жылынын аягына чейин 2-класстын Кыргыз тили жана Окуу китеби менен окушат.

**3. Предметтик компетенттүүлүктөр**

«Кыргыз тили жана окуу» предмети боюнча предметтик стандартта жана окуу программасында төмөнкү негизги предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу каралган:

• кептик компетенттүүлүк;
• тилдик компетенттүүлүк;
• социомаданий компетенттүүлүк;
• окурмандык компетенттүүлүк.

Ошону менен бирге, окуу программасында төмөнкү негизги көндүмдөрдү калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ:

• Тилдик жана кептик көндүмдөр – угуу, түшүнүү, сүйлөө, окуу жана жазуу ишмердүүлүктөрү аркылуу ишке ашат;

• Фонематикалык жана артикуляциялык көндүмдөр – тилдин тыбыштык системасын туура кабылдоо жана айтуунун тактыгына багытталат;

• Каллиграфия жана жазуу көндүмдөрү – жазуудагы туура форма, ырааттуулук жана көркөмдүк деңгээлин калыптандырууну максат кылат.

• Бул көндүмдөр ар бир деңгээлдин өзгөчөлүгүнө жараша бирдиктүү, үзгүлтүксүз жана практикага багытталган окутуу процессинде өнүктүрүлөт. Баалоо сапаттуу сүрөттөө түрүндө, белги койбостон жүргүзүлөт. Белги коюлбаган, оозеки жана жазма түрдө сапаттуу баалоо гана жүргүзүлөт.

**4. Деңгээлдер боюнча талаптар**

Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 1-6-класстары үчүн "Кыргыз тили жана окуу", 7-12-класстары үчүн "Кыргыз тили" предметтик стандарттары, окуу программалары Кыргызтест системасынын деңгээлдик талаптарына ылайык иштелип чыккан.

1-2-класстар үчүн жаңы түзүлгөн окуу программалары тил үйрөтүүнү жаш өзгөчөлүккө, даярдык деңгээлине жана көп тилдүү чөйрөнүн талаптарына ылайык уюштурууга мүмкүндүк берет.







**2025-2026-окуу жылында 5-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫ жаңы түзүлгөн интеграцияланган окуу программасынын негизинде билим алат.**

2025-2026-окуу жылындагы 5-класстын окуучулары жаңы окуу программасы менен билим алууну улантышат. Билим алуудагы өзгөчөлүк бул 5- жана 6-класстардын эски окуу программасы менен жаңы окуу программасынын тиешелүү окуу материалдарынын интеграцияланышында. Анткени алар кийинки окуу жылында 7-класска секирик жасоо менен жаңы программада билим алууну улантышат. 5- жана 6-класстын эски программалары жана жаңы окуу программасын жуурулуштуруу менен окуу процесси жүрөт. Аны 11 жылдык билим берүүнүн КЫРГЫЗ ТИЛИ боюнча 5- жана 6-класстар үчүн даярдалган окуу программасы менен жаңы окуу программасын салыштыруудан келип чыккан өткөөл мезгилдеги жуурулушкан окуу программасынын мазмуну менен таанышуудан көрө аласыздар.

5-класста да, 6-класста да кептик темалар кайталанып уланмалуулук принцибинде түзүлгөн. Мугалим класстагы окуучулардын деңгээлине ылайык же кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрүн: угуу, сүйлөө, окуу, жазуу калыптандырууда А2.1, же А2.2 деңгээлинин лексика-грамматикасына сунушталган мазмунду ала берет. А2.1 менен А2.2 деңгээлдеринин ортосунда эч кандай деле чоң ажырым жок. А2 деңгээли негизинен 5-класстан баштап 7-класстарга чейин калыптандырыла берет, 5-класстан кийин эч кандай кыйналбастан, 7-класста улантып окуй алат.

**Тил билүү деңгээлдери**

| | Деңгээлдер | Тилдик чөйрө жок кырдаалда | Тилдик.чөйрө бар кырдаалда | Лексикалык мини-мум |
|---|---|---|---|---|
| 1. Башталгыч жалпы модель | А0.Старттык | 1-класс | | 200-250 сөз |
| | А1.1. Элементардык | 2-класс | 1-класс | 300 сөз |
| | А1.2. Элементардык | 3-класс | 2-класс | 400 сөз |
| | А1.3. Элементардык | 4-класс | 3-класс | 500 сөз |
| 1. Негизги жалпы модель | А2.1. Базалык | 5-класс | 4-класс | 600-сөз |
| | А2.2. Базалык | 6-класс | 5-класс | 700 сөз |
| | А2.3. Базалык | | 6-класс | 700 сөз |

**2025-2026-окуу жылында 7-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫ жаңы түзүлгөн окуу программасынын негизинде билим алат.**

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 7-12-класстары үчүн "Кыргыз тили" боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына (2023), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан, предметтик стандарттын негизинде 7-9-класстар үчүн окуу программасы түзүлдү.

Ал билим берүүчүлүк парадигмадан компетенттүүлүктү калыптандыруу парадигмасына өтүү менен натыйжага негизделип окутуу сунушталат.

7-9-класстарда экинчи тилди окутуунун максаты – турмуш-тиричиликтин ар түрдүү чөйрөсүндө, кырдаалдарда, деңгээлдерге ылайык кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) калыптандыруу аркылуу реалдуу баарлашуу процессине жакындаштырып окутуу, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, этностор аралык биримдикке тарбиялоо болуп эсептелет.

7-класстын окуу программасында предметтик мазмун боюнча олуттуу мазмундук өзгөртүүлөр киргизилген жок, бирок программанын түзүмүндө, окутуунун максаттарында жана күтүлүүчү натыйжаларында заманбап билим берүү талаптарына шайкеш келтирилген жаңылануулар жүргүзүлгөн. Бул өзгөртүүлөр окуучулардын функционалдык сабаттуулугун, сынчыл ой жүгүртүүсүн жана тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

**Кыргыз тили боюнча окуу-тарбия процесси окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө, муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша уюштурулушу сунушталат жана төмөнкү негизги багыттарга көңүл буруу керек:**

• окуу программаларын ишке ашырууда предметтик стандартка таянуу, мазмунду логикалык жана уланмалуу принципте түзүү;
• интеграцияланган окутуу, STEM жана тил аралык байланыштарды камсыз кылуу;
• окутуунун инсанга багытталган, компетенттүүлүккө негизделген ыкмаларын колдонуу;
• 5E модели, долбоордук, изилдөөчүлүк, диалогдук жана кызыгууну арттырган формаларды натыйжалуу колдонуу;
• критериалдык жана формативдик баалоону айкалыштыруу менен окуучунун окуу жетишкендиктерине үзгүлтүксүз кайтарым байланыш берүү;
• гендердик жана инклюзивдик мамилелерди, маданий ар түрдүүлүктү эске алуу менен билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

**АВГУСТ КЕҢЕШМЕСИНДЕ ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН ТЕМАЛАР:**

1. 12 жылдык билим берүүгө өтүү: мазмунду жаңылоо жана методикалык колдоо.
- Кыргыз тили предметтик стандарттарындагы өзгөрүүлөр;
- Жаңы программаларга ылайык мугалимдин даярдыгы;
- Өткөөл класстар (1, 2, 5, 7) үчүн методикалык өзгөчөлүктөр;

2. Компетенттүүлүккө негизделген билим берүү: мазмун, усул жана натыйжа.
- Негизги жана кыргыз тили боюнча предметтик компетенттүүлүктөр;
- Сабакта функционалдык көндүмдөрдү калыптандыруу;
- Натыйжага багытталган кыргыз тили сабагындагы баалоо;

3. Окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоо: формативдик жана суммативдик баалоо.
- Баалоонун максаты, формалары жана куралдары;
- Деңгээлдик ыкма, дескрипторлор менен иштөө;
- Баалоо – кыргыз тилин окутуунун интегралдуу элементи катары;

4. Баланын тилдик өнүгүүсү – билимдин жана маданияттын негизги фактору.
- Мамлекеттик тилди үйрөтүүнүн жаңы багыттары;
- Мамлекеттик тилди үйрөтүү: тажрыйба жана натыйжа;
- Тил – баалуулукту сактоонун жана өнүктүрүүнүн куралы катары;

**Айгүл БАТЫРКУЛОВА,**
**Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к.**

# РУССКИЙ ЯЗЫК И ЧТЕНИЕ
# РУССКИЙ ЯЗЫК
# РУССКАЯ И МИРОВАЯ ЛИТЕРАТУРА

**(в классах с русским языком обучения)**




Современная парадигма обучения призвана обеспечить функциональную грамотность школьников, условия для развития навыков критического мышления, решения проблем, коммуникативных навыков, понимания необходимости учиться на протяжении всей жизни, осознания гражданской идентичности Кыргыз жараны.

От уровня владения русской речью как проявления языка в действии зависит успешность обучающихся в освоении школьных предметов на русском языке, осуществлении эффективной коммуникации в различных сферах общественной жизни и дальнейшей их самореализации. Чтение и изучение художественных произведений выступает как ключевое средство общего развития школьников, дающее возможность через художественную модель мира познавать реальную действительность, обогащать жизненный опыт и расширять кругозор учащихся.

В начальной школе (в 1-4-х классах) предусмотрена интеграция учебного содержания в рамках предмета «Русский язык и чтение». Его цель – развитие всех видов речевой деятельности обучающихся (аудирование, чтение, говорение, письмо) посредством освоения основных элементов системы языка, осознанного восприятия и элементарного анализа литературных произведений, изучаемых в 1-4-х классах. Образовательные результаты в предметном стандарте сформированы согласно четырем предметным компетентностям: речевой, языковой, читательской и социокультурной. Предмет «Русский язык и чтение» закладывает основу для дальнейшего изучения языка и литературы в 5-6-х классах.

С 5 класса начинается системное освоение предметов «Русский язык» и «Русская литература», сохраняя преемственность в формировании ключевых и предметных компетентностей и развивая их. Цель предмета «Русский язык» – формирование и развитие речевой культуры и навыков критического мышления обучающихся во всех сферах общения, консолидация культурно-языковой и гражданской идентичности Кыргыз жараны в условиях поликультурного общества. Образовательные результаты по предмету «Русский язык» сформированы согласно трем предметным компетентностям: речевой, языковой и социокультурной.

Цель предмета «Русская литература» – всестороннее развитие читательской культуры обучающихся, включающее совершенствование читательских компетенций, углубление эстетического восприятия и формирование устойчивого интереса к продуктивному читательскому творчеству. Образовательные результаты по предмету «Русская литература» сформированы согласно трем предметным компетентностям: читательской, эмоционально-оценочной (в 5-6-х классах) / эмоционально-ценностной (в 7-12-х классах) и литературно-творческой. Достижение целей по предметам «Русский язык» и «Русская литература» осуществляется поэтапно, что отражено в предметных стандартах для 5-6-х классов, 7-12-х классов.

**Базисный учебный план для школ с русским языком обучения, переходящих на 12-летнее школьное образование в 2025/26 уч.году, предусматривает обязательное изучение предметов:**

- «Русский язык и чтение» в 1-ом классе в объеме 128 часов, в 2-ом классе – 165 часов;
- «Русский язык» в 5-ом классе в объеме 102 часа, в 7-ом классе – 102 часа;
- «Русская литература» в 5-ом классе в объеме 68 часов, в 7-ом классе – 68 часов.

**Базисный учебный план для школ с русским языком обучения в рамках 11-летнего школьного образования в 2025/26 уч.году предусматривает обязательное изучение предметов:**

- «Русский язык и чтение» в 2-ом классе в объеме 204 часа, в 3-ем классе – 204 часа, в 4-ом классе – 204 часа;
- «Русский язык» в 6-ом классе в объеме 136 часов, в 8–11-х классах – по 68 часов в каждом;
- «Русская литература» в 6-ом, 8-ом, 9-ом классах в объеме 68 часов в каждом, в 10-11х классах – по 102 часа в каждом.

Примерные календарно-тематические планы (КТП) для 1-2-го, 5-го и 7-го классов размещены на сайте Кыргызской академии образования в разделе «Школьное образование». Для осуществления контроля достижения образовательных результатов обучающимися в КТП по русскому языку предусмотрено не менее 7 часов (тематический, промежуточный, итоговый контроль), по русской литературе – не менее 2 часов (указаны только проверочные работы по полугодиям). Учитель самостоятельно определяет даты проведения контроля в соответствии с календарным планированием и учетом графика каникул.

## ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА «РУССКИЙ ЯЗЫК И ЧТЕНИЕ»

Преподавание русского языка и чтения строится на принципе интеграции, обеспечивая взаимосвязанное обучение языку и работе с текстом. Учитель самостоятельно выбирает методы, исходя из содержания, образовательных результатов, обозначенных в предметном стандарте и конкретизированных в учебной программе, и потребностей учащихся.

**Основные стратегии обучения для реализации компетентностного подхода**

Для развития продуктивного (смыслового) чтения используйте стратегии предтекстовой-текстовой-послетекстовой деятельности; задавайте вопросы разных уровней; обучайте разным видам чтения; применяйте графические организаторы (кластеры, схемы); анализируйте авторскую позицию.

Создавайте условия для развития коммуникативных (речевых) навыков учащихся через организацию работы в парах и группах; проводите ролевые игры; учите составлять устные и письменные высказывания разных жанров.

Изучайте грамматические правила на содержании текстов; анализируйте языковые средства выразительности; обогащайте словарный запас учащихся, используйте аудиовидеоматериалы.

Учите анализировать достоверность информации; сравнивать точки зрения; формулировать собственные суждения; выявлять причинно-следственные связи.

## ОСОБЕННОСТИ РАБОТЫ В ПЕРВОМ КЛАССЕ

**Учитывая возрастные особенности шестилетних детей и их потребности в игре, активно применяйте:**

- дидактические игры для развития фонематического слуха, мелкой моторики и начальных навыков чтения/письма;
- ролевые ситуации и интерактивную работу с наглядными материалами (карточками, картинками, предметными моделями);
- различные упражнения по развитию фонематического слуха и каллиграфии;
- приемы иллюстрирования и инсценирования изучаемых литературных произведений;
- правила позитивного и эффективного поведения на уроках, разработанные совместно с учащимися;
- различные способы работы с учебной книгой.

## ОСОБЕННОСТИ РАБОТЫ ВО ВТОРОМ КЛАССЕ В 2025-2026 УЧ. ГОДУ

Во второй класс только в этом учебном году могут прийти семилетние дети, которые по разным причинам не освоили программу предшкольной подготовки «Наристе». Учителю необходимо в первые же дни осуществить диагностику навыков обучающихся и предусмотреть разные варианты работы по развитию всех видов речевой деятельности (слушания, говорения, чтения, письма). Первые полгода нужно сконцентрироваться на обучении грамоте, формировании навыков чтения и письма; следующие полгода – совершенствовать навыки согласно программе 2-го класса 12-летней школы.

**Критерии эффективного урока**

- Активное вовлечение каждого ребенка;
- смена видов деятельности;
- разнообразие способов и материалов;
- поддержка мотивации и учет индивидуальных особенностей;
- эффективное использование времени урока.

## ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА «РУССКИЙ ЯЗЫК»

**Формирование функциональной грамотности, развитие ключевых и предметных компетентностей обучающихся происходит в особой образовательной среде, которая включает:**

- систематическое развитие коммуникативных навыков. Поощряйте учащихся выражать мысли в устной и письменной форме в соответствии с нормами русского языка. Обеспечивайте их активное участие в диалоге и полилоге, учите аргументировать свою точку зрения и соблюдать культуру общения в реальных ситуациях, включая коммуникацию в Сети;
- практическое применение знаний о языке. Интегрируйте изучение грамматики и лексики в контекст текстов и коммуникативных задач. Обогащайте словарный запас и обучайте осознанному использованию языковых средств в соответствии с функциональными разновидностями языка и функционально-смысловыми типами текстов;
- развитие навыков критического мышления. Предлагайте задания на анализ и оценку информации. Организуйте дискуссии, используйте проектную деятельность;
- активизацию смыслового чтения. Работайте с разнообразными текстами, включая не только учебные материалы. Применяйте стратегии предтекстовой, текстовой и послетекстовой деятельности. Создавайте проблемные ситуации на основе прочитанного;
- развитие творческих способностей. Поощряйте создание собственных текстов различных жанров. Используйте приемы развития воображения и создавайте условия для самовыражения учащихся.

## ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА «РУССКИЙ ЯЗЫК» В 5 КЛАССЕ

В условиях перехода на 12-летнее образование в 5-ом классе предполагается ускоренное освоение содержания 5-го и 6-го классов 11-летней программы, что позволит учащимся продолжить обучение в 2026/27 учебном году уже в 7-ом классе. Данная мера имеет временный характер (4 года) согласно общей стратегии перехода на 12-летнее образование и требует высокого темпа обучения, усиленной работы со стороны учителей и учащихся. В первом полугодии осваивается содержание учебной программы 5 класса примерно за 48 часов (9 недель в 1 четверти и 7 недель во второй четверти), а затем во втором полугодии – содержание 6-го класса за 54 часа (8 недель в 3 четверти и 10 недель в 4 четверти). Примерное календарное планирование охватывает основные речевые темы (уроки по развитию речи) и грамматический материал.

## ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА «РУССКАЯ ЛИТЕРАТУРА»

**Обучение русской литературе призвано развивать глубокое понимание художественных произведений и формировать читательскую культуру учащихся. На уроках учителю необходимо опираться в первую очередь на технологии продуктивного чтения и освоение учащимися следующих видов деятельности:**

- эмоциональное и осознанное чтение. Стимулируйте эмоциональный отклик, воссоздающее воображение и творческое чтение произведений разных жанров;
- выразительное чтение и инсценировки. Практикуйте выразительное чтение, чтение по ролям, разыгрывание сцен и эпизодов изучаемых произведений;
- различные виды пересказа и заучивание наизусть. Используйте подробные, сжатые, выборочные пересказы и заучивание наизусть стихотворных текстов;
- аналитическая работа с текстом. Проводите анализ ключевых эпизодов, определяйте мотивы поступков героев, сущность конфликта, выявляйте изобразительно-выразительные средства и их роль в раскрытии идеи произведения;
- исследовательская деятельность. Вовлекайте учащихся в мини-исследования по творчеству авторов, их биографии;
- развитие коммуникативных навыков. Организуйте дискуссии, учите аргументировать свою точку зрения, учитывая мнения одноклассников;
- проектная деятельность и письменные работы. Привлекайте к участию в групповых проектах, подготовке сообщений, в том числе с использованием ИКТ, написанию эссе, ответов на вопросы и сочинений на основе литературных произведений;
- осмысленная оценка и ценностные суждения. Развивайте способность к осмысленной оценке произведений и формулированию ценностных суждений.

→

**РЕКОМЕНДУЕМЫЕ ТЕМЫ ДЛЯ ОБСУЖДЕНИЯ НА МЕТОДИЧЕСКИХ СЕМИНАРАХ**

Формирование функциональной грамотности на уроках русского языка и чтения: методы и приемы развития коммуникативных навыков, критического мышления и решения проблем.

Интегративный подход в преподавании предмета «Русский язык и чтение» в начальной школе: стратегии взаимосвязанного обучения языку и работе с текстом, особенности работы в 1 классе.

Развитие читательской культуры и эстетического восприятия на уроках русской литературы: технологии продуктивного чтения и методические подходы к анализу художественного произведения.

Развитие ключевых и предметных компетентностей в 5-12 классах: практико-ориентированные методы обучения русскому языку и литературе.

Организация эффективного образовательного процесса и критерии современного урока русского языка/литературы: активное вовлечение учащихся в планирование и рефлексию собственной деятельности, дифференциация обучения, смена видов деятельности и использование разнообразных ресурсов.

Использование проектной, исследовательской деятельности и ИКТ для развития творческих способностей на уроках русского языка и литературы: практический опыт и рекомендации.

Особенности преподавания русского языка в 5 классе в условиях перехода на 12летнее образование: планирование и реализация учебного процесса с учетом ускоренного освоения программы.

**ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЕ РЕСУРСЫ**

| № | Наименование |
|---|---|
| | Веб-сайт Кыргызской академии образования. https://kao.kg/ |
| | Веб-сайт «Санарип сабак». https://oku.edu.gov.kg/ru/school |
| | Веб-сайт «Билим булагы». https://bb.edu.gov.kg/index.php/%D0%93%D0%BB%D0%B0%D0%B2%D0%BD%D0%B0%D1%8F |
| | Веб-сайт «ГРАМОТА.РУ». http://gramota.ru/ |
| | Веб-сайт «Культура письменной речи». http://gramma.ru/ |
| | Веб-издание правил русского языка. https://therules.ru/ |
| | Веб-сайт «Текстология». http://www.textologia.ru/ |
| | Тестирование на знание русского языка, достаточное для освоения образовательных программ НОО, ООО и СОО // https://sh4-svetlograd-r07.gosweb.gosuslugi.ru/testirovanie-na-znanie-russkogo-yazyka-dlya-inostrannyh-grazhdan/?type3157=1 |
| | Орфографический академический ресурс «Академос» // https://orfo.ruslang.ru/ |
| | Веб-сайт «Русская виртуальная библиотека». https://rvb.ru/#about |
| | Веб-сайт «Вопросы литературы». https://voplit.ru/ |
| | Электронный журнал «Литературный Кыргызстан». http://www.literatura.kg/public/?menu=156 |
| | ЭФУ(электронные формы уроков) и ЭОР (электронные образовательные ресурсы) — цифровые инструменты современных уроков / Веб-сайт издательства «Просвещение» — URL: https://prosv.ru/articles/elektronnye-uchebniki-na-uroke/ |
| | YouTube: подкасты с Николаем Евгеньевичем Жариновым, Евгением Викторовичем Жариновым (о русской и мировой литературе), видеолекции Максима Анисимовича Кронгауза, видеолекции Андрея Анатольевича Зализняка |
| | YouTube: серия видеоуроков в цикле «Учитель года России» |

**Татьяна МАТОХИНА,**
**главный специалист отдела многоязычного и инклюзивного образования Кыргызской академии образования**

# РУССКИЙ ЯЗЫК И ЧТЕНИЕ
# РУССКИЙ ЯЗЫК
# РУССКАЯ И МИРОВАЯ ЛИТЕРАТУРА

**(в классах с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения)**




Русский язык как официальный язык Кыргызской Республики играет важную роль в обеспечении образовательного равенства, доступе к информации, участии в общественной жизни и дальнейшей профессиональной реализации учащихся. В условиях перехода на 12-летнюю систему образования для школьников, обучающихся на кыргызском, узбекском и таджикском языках, требуется создание особых условий, обеспечивающих постепенность, функциональность и коммуникативную направленность обучения русскому языку как второму.

В начальной школе с 1 по 6 класс реализуется интегрированный курс «Русский язык и чтение», обеспечивающий формирование речевых навыков на основе взаимодействия языковой и читательской подготовки. Согласно образовательному стандарту стандарту в рамках курса формируются языковая, речевая, социокультурная и читательская компетентности.

Начиная с 7 класса, предметы «Русский язык» и «Русская и мировая литература» изучаются отдельно. Обучение направлено на развитие речевой культуры, коммуникативной компетентности и устойчивого читательского интереса.

В основе обновлённых предметных стандартов и учебных программ лежит ряд принципов, определяющих содержание и методику обучения русского языка и русской и мировой литературы. К основным относятся компетентностный подход, уровневый подход к обучению русскому языку как второму, преемственность, интегративность и текстоцентричность.

**Компетентностный подход** предполагает, что образование ориентируется не только на передачу знаний, но и на формирование у учащихся ключевых и предметных компетенций, позволяющих применять знания на практике. Обучение должно формировать умения использовать язык в реальных жизненных ситуациях. То есть приоритет отдается развитию функциональной грамотности, навыков критического мышления, коммуникации и умения учиться на протяжении всей жизни.

**Уровневый подход** предполагает, что обучение выстраивается с учётом уровней владения языком (по аналогии с международной системой CEFR), организуется по принципу постепенного погружения в языковую среду и предусматривает адаптационный период в первом классе 12-летней школы.

Для русского языка как второго определены последовательные ступени от А0 до В1+, привязанные к классам обучения. Такой подход обеспечивает систематическое развитие речи: каждый год обучения соответствует определенному уровню, и требования к результатам обучения чётко согласуются с этими ступенями.

**Преемственность** предполагает необходимость плавного перехода учащихся с одной ступени на другую без потери качества. Образовательные программы 12-летней школы выстроены так, чтобы новый материал опирался на ранее усвоенные знания и умения. Концепция предметов подчёркивает последовательное усложнение речевых задач и развитие самостоятельности на основе накопленного опыта.

**Интегративность** предполагает, что в начальной школе интегрируется изучение языка и чтения, что помогает связать формирование языковых навыков с развитием мышления и познавательной деятельности. Интегративный подход означает взаимосвязь всех видов речевой деятельности и единство языка, культуры и личностного развития школьников.

**Текстоцентричность** предполагает, что при изучении языка в основной школе упор делается на работу с целостными текстами разных жанров, стилей и тематик. Это позволяет одновременно развивать все виды речевой деятельности. Текст используется и как источник языковых примеров, и как материал для приобретения социокультурных знаний. Такой подход формирует у учеников навыки смыслового чтения, умение анализировать и создавать связные высказывания, что крайне важно для функциональной грамотности.

## ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА «РУССКИЙ ЯЗЫК И ЧТЕНИЕ» В 1 И 2 КЛАССАХ В СИСТЕМЕ 12-ЛЕТНЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

Первый класс выполняет функцию адаптационного и добукварного периода, обеспечивая плавное вхождение ребёнка в обучение русскому языку. Основной акцент делается на развитии фонематического слуха, устной речи и аудирования, формировании графических навыков, развитии мелкой моторики, подготовке руки к письму.

Содержание ориентировано на формирование элементарных речевых умений: понимание обращённой речи, освоение норм речевого этикета, умение задавать и отвечать на простые вопросы по темам ближайшего окружения, участие в диалоге с использованием моделей «просьба – отказ/согласие», составление простейших монологических высказываний с опорой на иллюстрации.

Этот этап соответствует уровню А0 (стартовый уровень) в системе уровней владения русским языком как вторым и по содержанию приближается к предшкольной программе.


Рекомендуется активное использование дидактических и подвижных игр, пальчиковых игр, ролевых ситуаций, визуальных материалов, упражнений на координацию и внимание, а также чтения небольших текстов вслух с опорой на иллюстрации.

К окончанию первого года дети должны уметь понимать простейшие обращения, усвоить элементарные нормы речевого этикета (приветствия, прощания, вежливые слова), задавать и отвечать на простые вопросы о своём окружении. Также отрабатываются навыки участия в коротком диалоге и составления небольших монологических высказываний с опорой на картинки. Таким образом, первоклассники прежде всего учатся говорить и слушать по-русски, опираясь на свой родной язык и игровой опыт.

Второй класс становится этапом начала обучения грамоте и систематического изучения языка. На этом этапе начинается целенаправленное формирование навыков чтения и письма: изучение алфавита, освоение звукобуквенного анализа, чтение простейших текстов ближе ко второму полугодию. Завершается класс формированием навыков плавного чтения. Осваиваемый уровень – А1.1.

В последующих классах обучение строится на принципе усложнения содержания и речевых задач с последовательным расширением речевого опыта, увеличения объёма изучаемой лексики и усложнения текстов.

Методические акценты во 2-м классе обусловлены возрастными особенностями детей, для которых ведущей деятельностью остаётся игра. Рекомендуется активно внедрять игровые методы и наглядность при обучении языку. Для развития фонематического слуха и мелкой моторики рекомендуется использовать разнообразные дидактические игры, упражнения с предметами (кубики, карточки, буквы из фетра и т.п.), прописи-шаблоны для обводки элементов букв. для формирования речевых навыков используются ролевые ситуации (инсценировки диалогов по картинкам), чтобы побудить детей говорить, и игровые приёмы для запоминания новых слов. Очень важно создание дружественной атмосферы на уроке – поощрение любых попыток говорить на русском, поддержка и похвала. В 1 классе уроки носят во многом характер занятий-игр, чередующих различные виды активности (пение, движение, рисование в дополнение к языковым упражнениям). Во 2 классе постепенно увеличивается доля учебной работы, требующей усидчивости (письмо, чтение по книжке), однако и здесь наглядность и игра остаются важными средствами поддержания интереса.



# РУССКИЙ ЯЗЫК И ЧТЕНИЕ
# РУССКИЙ ЯЗЫК
# РУССКАЯ И МИРОВАЯ ЛИТЕРАТУРА

**(в классах с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения)**

Для обучения чтению рекомендуются красочные азбуки, флеш-карточки с буквами, слогами, словами и картинками; буквы из фетра, слоговые дорожки, магнитные доски и буквы для составления слов вручную; схемы для звуко-буквенного анализа, дидактический визуальный материал в таблицах, интерактивные плакаты; плакаты с грамматическими моделями; сюжетные картинки для составления устных рассказов, кубики с буквами, настольные игры для составления слов и предложений, пальчиковый театр, мультимедийные ресурсы.

### ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА «РУССКИЙ ЯЗЫК И ЧТЕНИЕ» В 5 КЛАССЕ В СИСТЕМЕ 12-ЛЕТНЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

Пятый класс занимает особое место в условиях переходного периода к 12-летнему образованию. В течение ближайших четырёх лет он будет иметь особую структуру:

Первое полугодие полностью посвящено повторению, закреплению и углублению учебного материала за 4-й класс 11-летней школы. Второе полугодие – ускоренное освоение курса 5-го класса 11-летней школы.

Такая организация вызвана необходимостью синхронизировать обучение с новой структурой и обеспечить переход нынешних пятиклассников в 7-й класс, содержание которого в условиях 12-летнего образования будет соответствовать шестому классу одиннадцатилетней школы. Мера носит временный характер и сохранится примерно 4 года, до полного завершения реформы.

Темп обучения в 5 классе будет интенсивным: за 34 учебные недели осваиваются два подуровня языковой подготовки – А2.1 и А2.2. Это требует от учителей чёткого планирования и приоритетного отбора содержания:

Содержательная роль 5 класса в новой структуре – завершить курс интегрированного предмета «Русский язык и чтение», начатого в начальной школе, и подготовить учеников к его разделению на два предмета – «Русский язык» и «Русская и мировая литература» – с 7 класса. В центре внимания – развитие связной речи и основной грамматический материал, второстепенные темы выносятся за рамки обязательного изучения, чтобы избежать перегрузки.

Методические акценты: рациональное использование времени на уроке, активное вовлечение учеников, больше заданий на самостоятельную работу, использование игровых, интерактивных, проектных и групповых форм, чтобы сохранить мотивацию, стратегии предтекстовой, текстовой и послетекстовой деятельности для развития смыслового чтения; работа с разными видами текстов, формирование умения задавать вопросы, строить логические высказывания, использование наглядных и игровых методов, работа в парах и группа, развитие устной и письменной речи через моделирование речевых ситуаций, интеграция изучения языковых явлений в работу с текстом, регулярные мини-мониторинги усвоения и повторное обращение к трудным темам;

К концу 5 класса учащиеся должны достичь уверенного уровня А2.2 и быть готовы к дальнейшему углублённому изучению русского языка, русской и мировой литературы в основной школе.

### ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА «РУССКИЙ ЯЗЫК» В 7 КЛАССЕ В СИСТЕМЕ 12-ЛЕТНЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

Начиная с 7-класса, предмет «Русский язык» изучается отдельно. Его цель – формирование умений понимать и создавать тексты различных жанров, совершенствовать орфографические и грамматические навыки, развивать навыки критического мышления и речевой культуры. Осваиваемый уровень – А2.3.




Обучение строится с учётом того, что у семиклассников уже сформирован определённый языковой и читательский опыт за годы начальной школы. Особенность обновлённой программы – смещение акцента с теоретического изучения языка на практическое использование. Содержание 7 класса упрощено и практико-ориентировано, соответствует содержанию 6 класса 11-летней школы. Внимание уделяется всем видам речевой деятельности (аудирование, говорение, чтение, письмо), их формирование реализуется на базе знакомых детям тем. Грамматические понятия вводятся постепенно и в контексте речевой практики, без опережения аналогичных тем в курсе родного языка.

Фактически курс русского языка в 7 классе 12-летней школы работает над развитием коммуникативной компетенции: учащиеся учатся самостоятельно использовать русский язык в разнообразных жизненных ситуациях, соответствующих их возрасту. Для этого на уроках активно создаются речевые ситуации, проводятся диалоги, дискуссии, упражнения на формулирование собственной мысли. Теоретические сведения преподносятся дозированно, подкрепляются большим количеством примеров и практических заданий. В результате к концу 7 класса предполагается уверенное овладение учащимися уровнем А2.3 и подготовка к переходу на уровень В1 в последующих классах.

Рекомендуется применять функционально-коммуникативный и текстоцентрический подходы, организовывать речевые ситуации, работать с текстами разных стилей и типов, обучать составлению письменных высказываний, проводить дискуссии, создавать проекты и использовать цифровые инструменты.

### ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРЕДМЕТА «РУССКАЯ И МИРОВАЯ ЛИТЕРАТУРА» В 7 КЛАССЕ В СИСТЕМЕ 12-ЛЕТНЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

Изучение литературы в 7 классе направлено на развитие читательской культуры, формирование эстетического восприятия, понимания нравственных и социальных тем, представленных в художественных произведениях. Преподавание строится на принципах диалога культур и опирается на методы продуктивного и критического чтения. Обеспечивается формирование читательской, эмоционально-ценностной и литературно-творческой компетентностей.

Предмет «Русская и мировая литература» отводится особая речеразвивающая функция – тексты на русском служат дополнительным материалом для обогащения словарного запаса, восприятия нюансов языка, тренировки связной речи. Произведения русской и мировой литературы используются для выявления типологической общности сюжетов, тем, образов, свойственной разным народам, и формирования у учащихся понимания культурного многообразия.

Учащиеся осваивают следующие виды деятельности: комментированное и выразительное чтение, пересказ, инсценировки, анализ героев, сюжета и языка произведения. Рекомендуется организация дискуссий, написание творческих работ, ведение читательских дневников, участие в проектах и мини-исследованиях.

Таким образом система обучения русскому языку и литературе выстраивается от устного адаптационного курса в 1 классе до самостоятельного владения языком и основными читательскими навыками в основной школе. Постепенное и последовательное усложнение содержания, опора на тексты и практическое использование языка позволяют формировать речевые, читательские и культурные умения, необходимые для успешного обучения и жизни.

Рекомендуемые темы для обсуждения на методических семинарах

Компетентностный подход в преподавании русского языка и литературы в классах с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения: от образовательных результатов к методам и приёмам.

Формирование функциональной грамотности на уроках русского языка и чтения. Технологии смыслового чтения и работы с информацией.

Интегративный подход в начальной школе: «Русский язык и чтение» как единый предмет.

Методика преподавания русского языка и русской и мировой литературы в условиях перехода на 12-летнее школьное образование.

Современные приёмы работы с художественным текстом на уроках литературы: развитие читательского отклика и интерпретации.

Технологии продуктивного и критического чтения: как научить школьников понимать и оценивать прочитанное.

Дифференциация и индивидуализация обучения на уроках русского языка и литературы.

Использование цифровых инструментов и мультимедийных ресурсов в преподавании языка и литературы.

### ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЕ РЕСУРСЫ

| № | Ресурс | Краткое описание |
|---|---|---|
| 1 | Тематический каталог учебных Интернет-ресурсов http://catalogue.irlc.msu.ru/ | В тематическом каталоге можно найти дополнительные материалы по различным лексико-грамматическим темам, а также материалы для развития разных видов речевой деятельности. В него входят учебные материалы с сайтов, представленных в Общем каталоге учебных электронных ресурсов, а также авторские разработки педагогов |
| 2 | Портал «Образование на русском» https://pushkininstitute.ru/ | Образовательный портал для дистанционного изучения русского языка как неродного и иностранного. Портал предоставляет возможность изучения русского языка по всем шести принятым в международной классификации уровням обучения языкам (А1 – С2) с возможностью онлайн-тестирования на определение уровня владения языком |
| 3 | Проект «Русский язык для наших детей» http://rus4chld.pushkininstitute.ru/#/ | Проект содержит учебно-тренировочный контент и методические материалы для поддержки образовательной деятельности на русском языке |
| 4 | Мультимедийный интерактивный комплекс Института Пушкина «Русский язык для всех наших детей» https://forkids.pushkininstitute.ru/ | На образовательной платформе размещены разнообразные интерактивные онлайн и офлайн ресурсы модульного типа, созданные по авторским методикам ведущими специалистами Института Пушкина – обучающие, тренировочные, игровые. Они могут использоваться как самостоятельно детьми, так и учителями в процессе обучения – для групповой работы в классе и индивидуальных занятий дома |
| 5 | Русский как второй http://www.russisch-fuer- kinder.de/ | На сайте собраны практические разработки педагогов русского зарубежья. Игры и сборники заданий, раскраски и сценарии — всё предоставляется пользователям бесплатно |
| 6 | BILINGUAL-ONLINE.NET http://bilingual-online.net/ | Общедоступный независимый портал по проблемам естественного билингвизма. На сайте представлена информация о ситуации с преподаванием и изучением русского языка как второго. На сайте можно найти вебинары с интересными людьми, работающими в сфере билингвального образования, разработки уроков, дополнительных материалов к занятиям, информацию о новинках российских и зарубежных издательств по темам сайта |
| 7 | Проект «Русский язык в песнях» http://www.rusongs.vsu.ru/ | Интерактивный проект для тех, кто хочет больше узнать о России и русском языке, изучая популярные русские песни |
| 8 | ЮLang – учебные материалы по русскому как иностранному https://youlang.ru/ | На платформе вы найдёте pdf-уроки, рабочие листы и игры, а также интерактивные задания на отработку грамматики, лексики и навыков аудирования |
| 9 | Многоязычный сайт для изучения русского языка https://russky.info/grammar | Бесплатная многоязычная онлайн-платформа, которая сочетает изучение русского языка с практическими советами о жизни и работе в Российской Федерации |
| 10 | Платформа «RussianTools.com» https://www.russiantools.com/r u | На сайте представлено много различных инструментов как для изучения, так и для преподавания русского как иностранного: можно создавать и распечатывать рабочие листы с языковыми упражнениями, карточки лото на русском, прописи, головоломки и многое другое |
| 11 | Бесплатные рабочие листы для учителей русского языка как неродного https://ru.islcollective.com/ | Портал представляет собой огромную, постоянно пополняющуюся коллекцию материалов по русскому языку как неродному на разные темы |

**Виктория БУЛАТОВА,**
**главный специалист отдела многоязычного и инклюзивного образования**

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

Бүгүнкү күндө билим берүү жаатындагы негизги багыт – мазмунду жаңылоо, компетенттүүлүккө негизделген окутууну жүзөгө ашыруу жана улуттук өзгөчөлүктөр менен дүйнөлүк тенденцияларды айкалыштырган билим берүү моделине өтүү болуп саналат. Мындай шартта окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз адабияты сабагы окуучунун дүйнөтаанымын кеңейткен, руханий-адамгерчилик сапаттарын, эстетикалык табитин калыптандырган, чыгармачылык потенциалын ачкан негизги предмет катары өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз адабиятынын жаңы шарттарда окутуу - бул жөн гана мазмунду берүүнүн эмес, окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүн, чыгармачылык жөндөмдөрүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн процесси. Бул мугалимден жаңыча мамиле, методикалык компетенттүүлүк, функционалдык сабаттуулук, жаңыланган мазмунду натыйжалуу жеткирүү жөндөмүн талап кылат.

Кыргыз адабияты сабагын окутууну методикалык жактан жаңылоо – бүгүнкү билим берүү системасындагы маанилүү маселелердин бири. Кыргыз коомунда улуттук аң-сезимдин, руханий-адамгерчилик баалуулуктардын төмөндөшү, жаштар арасында китеп окууга кызыгуунун солгундашы – адабият сабагы аркылуу чечилчү көйгөйлөр болуп саналат. Бул көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги жолдорунун бири – адабият предметин окутуунун мазмунун заманбап талаптарга ылайыктап, окутуунун усулдарын жаңылоо. Ушуга байланыштуу **12 жылдык билим берүүнүн алкагында кыргыз адабияты сабагы боюнча предметтик стандарттар жана окуу программалары мазмундук жана методологиялык жактан компетенттүүлүккө негизделип, инсанга багытталып жаңыланып иштелип чыкты. Кыргыз адабияты сабагын 12 жылдык билим берүү алкагында жаңылоодо:**

• 7-12-класстар үчүн “Кыргыз адабияты” предметинин жаңы предметтик стандарты иштелип чыгып, билим берүү максаттары, күтүүчү натыйжалар жана компетенттүүлүктөр заманбап талаптарга ылайык аныкталды.

• 5-6 жана 7-9-класстар үчүн окуу программалары түзүлүп, окутуунун мазмуну куракттык өзгөчөлүктөргө, адабияттык компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга жана чыгармачылык ишмердикке багытталды.




Кыргыз адабияты сабагы аркылуу окуучулар жөн гана текст, чыгарма окуу менен чектелбестен, өз ойлорун эркин билдирүү, чыгарма жаратуу, салыштыруу, талдоо, баалоо сыяктуу адабий-чыгармачылык ишмердүүлүктөргө тартылат. Сабактын мазмуну мурункудай энциклопедиялык маалымат берүүгө эмес, тематикалык өзөктөр, мазмундук багыттар аркылуу окуучунун турмуштук тажрыйбасын, руханий дүйнөсүн жана улуттук аң-сезимин калыптандырууга, окуучулардын окурмандык, эмоционалдык-баалуулук, адабий чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталат.





5-класстар үчүн интеграцияланган окуу программасы иштелип чыгып, анда 5-6-класстардын негизги материалдары бирдиктүү структурада, **адабий-чыгармачылык көндүмдөрдү өнүктүрүү максатында сунушталган.**

Кыргыз адабияты сабагынын базистик окуу планындагы орду.

**Окуу сааттарынын жумалык көлөмү 2025-2026-окуу жылына карата сунушталган Базистик окуу планында төмөндөгүдөй:**

| № | Классы | Жума бою | Жыл бою | Окуу программасы |
|---|---|---|---|---|
| | 5-класс | 2 сааттан | 68 саат | 12 жылдык билим берүүгө өткөн класс/ жаңы интегр.прог. менен окуйт. |
| | 6-класс | 2 сааттан | 68 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |
| | 7-класс | 2 сааттан | 68 саат | 12 жылдык билим берүүгө өткөн класс/ жаңы прогр.менен окуйт. |
| | 8-класс | 2 сааттан | 68 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |
| | 9-класс | 3 сааттан | 102 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |
| | 10-класс | 2 сааттан | 68 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |
| | 11-класс | 2 сааттан | 68 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |




**Кыргыз адабияты сабагын окутуунун өзгөчөлүктөрү**

Жаңы предметтик стандарттар менен окуу программаларынын мазмунун ишке ашыруу үчүн салттуу методдорду заманбап окутуу технологиялары менен айкалыштыруу зарыл. Кыргыз адабияты сабагында мугалим окуучунун активдүүлүгүн арттырган, ойлонууга түрткү берген, чыгармачылыкка шыктанткан ыкмаларды тандап колдонууга тийиш.

**Негизги сунушталуучу окутуу ыкмалары жана технологиялары:**

***1. Конструктивдик жана изилдөөчүлүк ыкмалары***

• 5E модели (Engage – кызыктыруу, Explore – изилдөө, Explain – түшүндүрүү, Elaborate – тереңдетүү, Evaluate – баалоо):

• Чыгарманын темасына кызыктыруу, мазмунун өз алдынча түшүнүү, ой бөлүшүү, баалоо иш-аракеттерин камтыйт.

• **TRIZ технологиясы:** Чыгармадагы конфликттерди таап, аларга чыгармачыл, логикалык жолдор менен чечүү сунушталат.

• **Проблемалуу окутуу:** Каарман туурабы же авторбу – талаш-талкуу форматындагы сабактар, дискуссия, дебат аркылуу талдоо.

***2. Интерактивдүү жана сынчыл ой жүгүртүүгө багытталган ыкмалар***

• “РАФТ”, “ББКБ”, «ФИШБОУН», “ИНТЕЛЛЕКТ КАРТА” ж.б. - текстти терең түшүнүүгө, талдоого, синтездөөгө, баалоого жана сынчыл ойломдорун өнүктүрүүгө шарт түзөт.

***3. Санариптик жана мультимедиялык ыкмалар***

• Padlet, Canva, Wordwall, Quizizz, Kahoot сыяктуу платформалар аркылуу ой бөлүшүү, суроолор түзүү, рефлексия жасоо.

• Презентация, видео, подкаст даярдоо, чыгарманы визуалдык баяндоо.

• Санариптик хрестоматиялар жана аудиокитептерди колдонуу (өзгөчө 5-7-класстарда).

***4. Ишмердүүлүк жана чыгармачылыкка негизделген сабактар***

• **Чыгарманын негизинде:**
- Сахналаштыруу (мини-драма, роль ойноо)
- Каарманга кат, күндөлүк жазуу
- “Эгер мен ошол каарман болсом...” деген эссе
- Өз поэтикалык чыгармасын жаратуу

• **Долбоордук иш:** тематика боюнча топ менен иштеп, чыгармадагы маселени терең талдоо, чечим сунуштоо.ж.б.

**Кыргыз адабияты предмети боюнча август кеңешмесинде талкуулоого сунушталуучу темалар:**

1. Кыргыз адабиятын окутуу – жаңы стандарттар жана окуу программаларынын өзгөчөлүктөрү.
2. Компетенттүүлүккө негизделген окутууда Кыргыз адабиятын үйрөтүүнүн мазмуну жана усулдары.
3. Инсанга багытталган окутуу: адабият сабагында колдонуу ыкмалары.
4. Адабий чыгарманы изилдөөчүлүк жана конструктивдик усулдар менен окутуу тажрыйбалары.
5. Кыргыз адабиятын окутууда улуттук баалуулуктарды, руханий-адептик тарбияны берүү – адабият аркылуу инсандык сапаттарды калыптандыруу.
6. Адабият сабагында окуучулардын чыгармачылык жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү.
7. Адабият сабагында деңгээлдик тапшырмаларды жана баалоо инструменттерин колдонуу – критериалдык баалоого ылайык иштеп чыгуу тажрыйбалары.

**Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн “КЫРГЫЗ ЖАНА ДҮЙНӨ АДАБИЯТЫ” предмети.**

Кыргызстан көп улуттуу өлкө болгондуктан, ар улуттун өкүлдөрүн бириктирген жалпы жарандык жана руханий баалуулуктарды калыптандыруу – билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири. Бул багытта “Кыргыз жана дүйнө адабияты” сабагы өзгөчө мааниге ээ.

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларына кыргыз жана дүйнө адабиятын үйрөтүү – бул бир жагынан кыргыз элинин рухий мурасына, тилине, маданиятына жакындатуу, экинчи жагынан дүйнөлүк адабият казынасы аркылуу инсандын жан дүйнөсүн байытуу, окуучулардын руханий жана интеллектуалдык өнүгүшүнө шарт түзүү болуп саналат. Мындай шартта адабият сабагы тилди үйрөтүүнүн гана куралы болбостон, балдардын аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн, эмпатиясын, өзүнүн жана башка улуттардын маданиятын түшүнүү жөндөмүн өстүргөн таасирдүү куралга айланат.

12 жылдык билим берүү системасына өтүү шартында Кыргыз жана дүйнө адабияты предметинин мазмуну, окутуу ыкмалары жана баалоо механизмдери заман талабына ылайык жаңыланып, адаптацияланууда.

**Ушул максатта:**

5-6 жана 7-12-класстар үчүн жаңы предметтик стандарттар иштелип чыгып, билим берүү максаттары, күтүлүүчү натыйжалар жана компетенттүүлүктөр заманбап талаптарга ылайык аныкталды.

5-6 жана 7-9-класстар үчүн окуу программалары түзүлүп, окутуунун мазмуну куракттык өзгөчөлүктөргө, адабияттык (окурмандык, эмоционалдык-баалуулук, адабий чыгармачылык) компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга жана чыгармачылык ишмердикке багытталды.

Кыргызстандагы орус, өзбек, тажик тилдеринде окутулган мектептердин (класстардын) окуучуларынын кыргыз тилин билүү деңгээли бирдей эмес. Мисалы, жергиликтүү улуттар жашаган аймактардагы, кыргыз тилдүү чөйрөсү бар орус, өзбек же тажик мектептериндеги окуучулар кыргыз тилин жакшы билишет жана кыргыз мектептериндеги окуучулардай эле материалды өздөштүрүшөт. Тескерисинче, кыргыз тилдүү чөйрөсү жок Бишкектин, Чүй өрөөнүнүн айрым шаар-кыштактарындагы окуучулар үчүн тоолуу аймактардагы окуучуларга сунушталган чыгармалар менен тапшырмалар абдан оордук жаратары эске алынып, шарттуу түрдө эки топко бөлүп, ар бири үчүн өзүнчө программа түзүлдү. Чечим кабыл алууда өлкөнүн демографиялык абалы жана мугалимдердин сунуштары, окуучулардын тил билүү деңгээлдери эске алынды. Кыргыз жана дүйнө адабиятынын окуу программасында «А» варианты – жеңилирээк, «Б» варианты – ага салыштырмалуу татаалыраак. Кайсы вариантты тандоо, кыргыз адабияты мугалиминин, мектеп администрациясынын жана аймактык билим берүү бөлүмдөрүнүн ыйгарым укугунда болот.

Бул программа КР Конституциясына, «Билим берүү жөнүндө» мыйзамга, КР Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана башка расмий документтерге таянат. Орус, өзбек, тажик тилдеринде окутулган мектептерде кыргыз жана дүйнө адабияты сабактары өлкөнүн мамлекеттик тили болгон кыргыз тилинде өтүлөт.

**Кыргыз жана дүйнө адабияты сабагынын базистик окуу планындагы орду**

**Окуу сааттарынын жумалык көлөмү 2025-2026-окуу жылына карата сунушталган Базистик окуу планында төмөндөгүдөй:**

| № | Классы | Жумасына | Жыл бою | Окуу программасы |
|---|---|---|---|---|
| | 5-класс | 1 сааттан | 34 саат | 12 жылдык билим берүүгө өткөн класс/ “Кыргыз жана дүйнө адабияты” жаңы интегр.прог. менен окуйт. |
| | 6-класс | 1 сааттан | 34 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |
| | 7-класс | 1 сааттан | 34 саат | 12 жылдык билим берүүгө өткөн класс/ “Кыргыз жана дүйнө адабияты” жаңы интегр.прог. менен окуйт. |
| | 8-класс | 1 сааттан | 34 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |
| | 9-класс | 1 сааттан | 34 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |
| | 10-класс | 1 сааттан | 34 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |
| | 11-класс | 1 сааттан | 34 саат | 11 жылдык билим берүүнүн окуу программасы колдонулат. |

12 жылдык билим берүүгө өтүү шартында орус, өзбек, тажик тилдүү мектептерде Кыргыз жана дүйнө адабияты предметин окутуунун мааниси өзгөчө чоң. Бул предмет мамлекеттик тилди өздөштүрүүнүн негизги каражаты болуп, окуучулардын сөз байлыгын кеңейтүүгө, тилдик-коммуникативдик чеберчилигин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. 5- жана 7-класстар 12 жылдык билим берүүнүн алкагында Кыргыз жана дүйнө адабияты предметинин окуу программасы боюнча окушат. Калган класстар азырынча 11 жылдык билим берүүнүн Кыргыз адабиятнын окуу программасы менен окууну улантышат.

**“Кыргыз жана дүйнө адабияты” предмети боюнча август кеңешмесинде талкуулоого сунушталуучу темалар:**

1. Кыргыз жана дүйнө адабиятын окутуу – жаңы стандарттар жана окуу программаларынын өзгөчөлүктөрү.
2. Компетенттүүлүккө негизделген окутууда кыргыз жана дүйнө адабиятын үйрөтүүнүн мазмуну жана усулдары.
3. Инсанга багытталган окутуу: кыргыз жана дүйнө адабияты сабагында колдонуу ыкмалары.
4. Адабият сабагында окуучулардын чыгармачылык жана критикалык ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү.
5. Кыргыз жана дүйнө адабияты сабагында деңгээлдик тапшырмаларды жана баалоо инструменттерин колдонуу – критериалдык баалоого ылайык иштеп чыгуу тажрыйбалары.
6. Кыргыз жана дүйнө адабияты сабагында окутуунун инновациялык методдорун жана технологияларды колдонуу (Мультимедиа, видео жана аудио материалдарды сабакка киргизүү; Интерактивдүү тесттер, онлайн ресурстар жана оюндар).

**Айгүл БАТЫРКУЛОВА,**
**Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к.**
**Мелис МУЗУЛМАНОВ,**
**Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти, п.и.к.**

# АНГЛИС ТИЛИ

«Англис тили» предмети окуучулардын көп улуттуу жана көп маданияттуу дүйнөдө өз ара аракеттенүүгө даярдыгын калыптандыруунун эң маанилүү каражаты болуп саналат. Ааламдашуу шартында англис тилин билүү ийгиликтүү баарлашуунун, жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүнүн, көз караштарды кеңейтүүнүн жана башка маданияттарга толеранттуу мамилени калыптандыруунун зарыл куралына айланууда. Англис тилин үйрөнүү сүйлөө көндүмдөрүн өздөштүрүүгө жардам берет, окуучулардын лингвистикалык көз-карашын кеңейтет, окуучулардын жалпы кеп өнүктүрүүсүнө, ошондой эле жаш муундарды тарбиялоо жана окутуунун заманбап талаптарына жооп берген ачыктык, кызыккандык жана командада иштөө жөндөмдүүлүгү сыяктуу инсандык сапаттарды өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Англис тилин окутуунун максаты – окуучунун көп маданияттуу, көп тилдүү инсанды калыптандыруу, жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө баарлашуу үчүн чет тилин эффективдүү колдонууга үйрөтүү.

**Милдеттер:**

**1. Тарбия берүүчүлүк:** көп түрдүүлүктү түшүнүү жана дүйнө таанымын кеңейтүү;

**2. Билим берүүчүлүк:** угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү; баарлашуу максатында грамматикалык формаларды жана лексикалык бирдиктерди колдоно билүү;

**3. Өнүктүрүүчүлүк:** чет тилин үйрөнүүгө жана маданияттар аралык баарлашууга даярдыгын өнүктүрүү.

Англис тили сабагында окуучулар төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болушат:




Компетенттүүлүктөр

| | |
|---|---|
| **Тилдик** | • чет тилинде өз оюн билдирүү үчүн тилдик каражаттарды колдонуу жөндөмү |
| **Кептик** | • ар кандай кырдаалдарда тилди эффективдүү сүйлөшүү үчүн колдоно билүү |
| **Маданияттар аралык** | • башка элдердин маданиятын баамдоо жана урматтоо, маданияттар аралык баарлашуу кырдаалында өз маданиятын көрсөтүү жөндөмдүүлүгү |

**Базистик окуу планы боюнча Англис тили 3-класстан баштап, 12-класска чейин жумасына 2 саат, жылына 68 саат окутулат. Берилген сааттарды максаттуу пайдалануу менен окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн программада сааттар төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:**

- Киришүү сабактары – 4 саат;
- Тематикалык материалдар – 56 саат;
- Кайталоо сабактары – 4 саат;
- Текшерүү иштери – 4 саат.
- Англис тилин окутуунун өзгөчөлүктөрү. Англис тилин окутуу коммуникативдик көндүмдөрдү, таанып билүү активдүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, окуучулардын дүйнө таанымын жана өз алдынчалыгын кеңейтүүгө көмөктөшүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүүнү камсыз кылууга тийиш. Ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, инклюзивдик методдорду колдонуу жана окуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү маанилүү.

Англис тили сабактарындагы натыйжалуу билим берүү чөйрөсү бир нече негизги компоненттерди камтыйт.

**Окутуу чөйрөсүнүн компоненттери:**

| | |
|---|---|
| **Универсалдуу окуу дизайны** | • ар түрдүү каражаттар<br>• баалоонун ар түрдүү формалары |
| **Оюн жана интерактивдүү ыкмалары** | • ролдук оюндар, кыймыл менен ырлар<br>• командалык тапшырмалар |
| **Scaffolding - Колдоо** | • жөнөкөйдөн татаалга<br>• визуалдык жана кептик таянычтар |

**Эмоционалдык колдоо жана психологиялык жагдай** тил үйрөнүү процессинде маанилүү ролду ойнойт. Класстагы достук атмосфера тынчсызданууну азайтат, окуучулардын ишенимин жогорулатат жана алардын окуу процессине катышуусуна өбөлгө түзөт. Позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүү үчүн төмөнкүлөр маанилүү:

- ачык баарлашууга шыктандыруу, окуучулардын бири-бири менен таанышуусуна жардам берүү үчүн командалык көнүгүүлөрдү колдонуу;
- урматтоого жана сабакка активдүү катышууга көмөктөшүүчү класстын эрежелерин белгилөө, сабактын максаттарын чогуу коюу;
- окуучулардын аракеттерин жана позитивдүү жүрүм-турумун таануу; үйрөнүү мотивациясын жогорулатуу үчүн дем берүүчү сөздөрдү, стикерлерди, сертификаттарды же башка кичинекей сыйлыктарды колдонуу;
- топтук иштерди, долбоорлорду, талкууларды колдонуу; активдүү угуунун ыкмаларын үйрөнүү, ачык суроолорду берүү;
- эмоционалдык лексиканы үйрөтүү: окуучуларга эмоцияга байланыштуу сөздөрдүн кеңири спектрин берүү; ар кандай эмоцияларды талкуулоо жана түшүнүү үчүн көнүгүүлөрдү колдонуу;
- жынысына, маданиятына жана жөндөмдүүлүгүнө карабастан бардык окуучулар үчүн коопсуз жана колдоочу мейкиндикти түзүү; окуучуларды ар түрдүүлүктү урматтоого жана баалоого үйрөтүү.

Мындай мамиле окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт, алардын тилди кабыл алуу жана аны иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн жакшыртат.

Англис тили боюнча жаңыланып жаткан окуу китептеринде мугалимдер үчүн календардык-тематикалык план жана сабактардын пландары берилген. Ошондуктан мугалим өзүнүн КТП жана сабак планын түзүүгө муктаж эмес. Мугалим төмөнкү мисалдын негизинде кыскача сабак планын түзө алат:

**TEACHER'S LESSON PLAN**

**Objectives of the lesson:**
1. What new vocabulary and grammar will student learn?
2. What skills at listening, reading, speaking and writing will students learn?
3. How will student use new knowledge and skills for real life situations?

**Resources:** cards, pictures, real objects, textbook, audio etc.

| Stage | Time | Teacher's activity | Student's activity |
|---|---|---|---|
| Warm-up and review | 10 min. | Warm-up activity;<br>Checking home work;<br>Review students' background knowledge about the topic. | |
| Introduction | 15 min. | Introduction of new words and grammar;<br>Listening and reading;<br>Checking comprehension. | |
| Practice activities | 15 min. | Consolidating knowledge and skills through practical exercises;<br>Using knowledge and skills in real life situations: speaking and writing. | |
| Assessment and Reflection | 5 min. | Giving feedback;<br>Checking if the students reached the goals of the lesson;<br>Assessing learning outcomes. | |

**ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН ТЕМАЛАР**

1. Англис тили стандартына ылайык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу;
2. Башталгыч класстарда англис тилин окутуу;
3. Жаңыланган Англис тили окуу китептеринин мазмуну жана методологиясы;
4. Лексиканы жана грамматиканы үйрөтүү;
5. Угуу жана окуу көндүмдөрүн калыптандыруу;
6. Сүйлөө жана жазууну үйрөтүү;
7. Социалдык жана эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү;
8. Сынчыл ой жүгүртүүнү жана чыгармачылыкты өнүктүрүү.

**КОШУМЧА РЕСУРСТАР**

1. Сабактын пландары жана жумушчу барактар, https://en.islcollective.com/
2. Мугалим үчүн ресурс, https://www.teachingenglish.org.uk/resources
3. BBC Learning English, http://www.bbc.co.uk/learningenglish
4. Кыргызстандагы Америкалык центрлер, https://www.facebook.com/BishkekAC/?ref=br#
5. Smithsonian Education – мугалим үчүн ресурс, http://www.smithsonianeducation.org/index.html
6. Smithsonian Folkways – музыка аркылуу англис тилин үйрөтүү, http://www.folkways.si.edu/tools-for-teaching/smithsonian
7. American English Online – мугалим үчүн ресурс, https://americanenglish.state.gov/

**Дамира ШАРШЕМБИЕВА,**
**Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү жана инклюзивдик билим берүү бөлүмүнүн башчысы**

«Английский язык» является важнейшим средством межкультурного общения и формирования у обучающихся готовности к взаимодействию в многонациональном и поликультурном мире. В условиях глобализации владение английским языком становится необходимым инструментом для успешного взаимодействия, усвоения общечеловеческих ценностей, расширения кругозора и развития толерантного отношения к другим культурам. Изучение английского языка способствует овладению речевыми навыками, расширяет лингвистический кругозор учащихся, содействует общему речевому развитию учащихся, а также развитию личностных качеств, таких как открытость, любознательность и умение работать в команде, что отвечает современным требованиям к воспитанию и обучению подрастающего поколения.

Цель обучения английскому языку является формирование поликультурной многоязычной личности учащихся, способных эффективно использовать иностранный язык для общения в различных сферах жизни.

**Задачи:**

**1. Воспитательная:** развивать ценности многообразия, способствовать формированию «картины мира»;

**2. Образовательная:** развивать навыки понимания на слух, чтения, говорения, письма; умение использовать грамматические формы и лексические единицы для достижения целей общения;

**3. Развивающая:** развивать стремление к изучению иностранного языка и готовность к межъязыковой межкультурной коммуникации.

На уроках английского языка у обучающихся формируются следующие предметные компетентности:




| | |
|---|---|
| **Языковая** | • способность использовать языковые средства для выражения своих мыслей на иностранном языке |
| **Речевая** | • способность использовать язык для эффективного общения в различных ситуациях |
| **Межкультурная** | • способность воспринимать и уважать культуру других народов, представлять свою страну в ситуации межкультурного общения |

# АНГЛИЙСКИЙ ЯЗЫК

**Согласно базисному учебному плану, английский язык изучается с 3 по 12 класс по 2 часа в неделю, 68 часов в год. Для повышения эффективности учебного процесса с целевым использованием предоставленных часов в программе часы распределены следующим образом:**

- 4 часа – введение,
- 56 часов – речевые темы и грамматический материал,
- 4 часа – повторение,
- 4 часа – проверочные работы,

Особенности обучения английскому языку. На уроках английского языка создается среда обучения, способствующая формированию и развитию коммуникативных навыков, познавательной активности, расширению кругозора и самостоятельности обучающихся. Важно учитывать индивидуальные особенности каждого ученика и обеспечивать комфортные условия для обучения.

Эффективная образовательная среда на уроках иностранного языка включает несколько ключевых компонентов.

**Компоненты обучающей среды**

| | |
|---|---|
| Универсальный дизайн обучения | • разнообразные материалы<br>• разные формы проверки |
| Игровые методы обучения | • ролевые игры, песни с движениями<br>• командные задания, игры |
| Scaffolding - Поддержка | • от простого к сложному<br>• визуальные и речевые опоры |

**Эмоциональная поддержка** — это способ, с помощью которого учителя помогают детям развивать позитивные отношения, радость от учебы, комфорт в классе и соответствующий уровень самостоятельности.

- Поощряйте открытое общение, используйте командные упражнения, чтобы помочь ученикам узнать друг друга.
- Установите правила класса, способствующие уважению и активному участию на уроке. Вместе поставьте цели урока.
- Регулярно отмечайте усилия ученика/ученицы и позитивное поведение. Используйте слова поддержки, наклейки, сертификаты или другие небольшие награды, чтобы повысить мотивацию к обучению.
- Используйте групповую работу, проекты, обсуждения. Практикуйте методы активного слушания, задавайте открытые вопросы.
- Обучайте эмоциональной лексике: дайте ученикам широкий спектр слов, связанных с эмоциями. Используйте упражнения для обсуждения и понимания различных эмоций.
- Создайте безопасное и поддерживающее пространство для всех учеников, независимо от гендера, культуры или способностей. Обучайте учеников и учениц чувству уважения и понимания многообразия.
- Используйте рефлексивный дневник: учащиеся могут писать о своих мыслях, чувствах и опыте.

Дружественная атмосфера в классе снижает тревожность, повышает уверенность обучающихся и способствует их вовлеченности в учебный процесс.

В учебниках для учителя даны календарно-тематический план, поурочные плана. В связи с этим, учителю не нужно составлять свой КТП и план урока. Учитель может подготовить краткий план урока по образцу:

**TEACHER'S LESSON PLAN**

| **Objectives of the lesson:**<br>1. What new vocabulary and grammar will student learn?<br>2. What skills at listening, reading, speaking and writing will students learn?<br>3. How will student use new knowledge and skills for real life situations? | | | |
|---|---|---|---|
| **Resources:** cards, pictures, real objects, textbook, audio etc. | | | |
| **Stage** | **Time** | **Teacher's activity** | **Student's activity** |
| Warm-up and review | 10 min. | Warm-up activity;<br>Checking home work;<br>Review students' background knowledge about the topic. | |
| Introduction | 15 min. | Introduction of new words and grammar;<br>Listening and reading;<br>Checking comprehension. | |
| Practice activities | 15 min. | Consolidating knowledge and skills through practical exercises;<br>Using knowledge and skills in real life situations: speaking and writing. | |
| Assessment and Reflection | 5 min. | Giving feedback;<br>Checking if the students reached the goals of the lesson;<br>Assessing learning outcomes. | |

**РЕКОМЕНДУЕМЫЕ ТЕМЫ ДЛЯ ОБСУЖДЕНИЯ**

1. Формирование компетентностей в соответствии со стандартом английского языка;
2. Обучение английскому языку в начальной школе;
3. Содержание и методология учебников английского языка;
4. Обучение лексике и грамматике;
5. Формирование навыков аудирования и чтения;
6. Обучение говорению и письму;
7. Развитие социально-эмоционального интеллекта;
8. Развитие критического мышления и креативности.

**ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЕ РЕСУРСЫ**

1. Планы уроков и рабочие листы, https://en.islcollective.com/
2. Ресурсы для учителя, https://www.teachingenglish.org.uk/resources
3. BBC Learning English, http://www.bbc.co.uk/learningenglish
4. Американские уголки в Кыргызстане, https://www.facebook.com/BishkekAC/?ref=br#
5. Smithsonian Education – ресурсы для учителя, http://www.smithsonianeducation.org/index.html
6. Smithsonian Folkways – обучение английскому языку через музыку, http://www.folkways.si.edu/tools-for-teaching/smithsonian
7. American English Online – ресурсы для учителя, https://americanenglish.state.gov/

**Дамира ШАРШЕМБИЕВА,**
**заведующая отделом многоязычного и инклюзивного образования Кыргызской академии образования**

## (башталгыч класстар үчүн)

# МАТЕМАТИКА

Чындыкты сүрөттөөдөгү, таанудагы негиздүү ойлорду билдирүү жөндөмдүүлүгү жана өз муктаждыктарын ишке ашыруунун куралы катары математикалык билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн (эсептөө, чоңдуктарды ченөө, геометриялык фигураларды таануу, аныктоо жана чийүү, сандык маалыматтарды талдоо ж.б.) минималдуу топтомун практикалык жашоодо жана курчап турган айлана-чөйрөдө колдонуудагы математиканын ролу ***актуалдуу маселе*** болуп эсептелинет.

Математиканын тилин өздөштүрүү кубулуштардын ортосундагы мамилелерди түшүнүүнү, так жана ачык чагылдырууну, сандык мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилденип жаткан процесстерге таандык көз карандылыктарды калыптандырат. Бул окуучулардын ийгиликтүүлүгүнүн, математикалык сабаттуулугунун өнүгүү даражасынын, б.а. тышкы чөйрөдөгү турмуштук кырдаалдык маселелерди чыгаруу, көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүгүнүн көрсөткүчү, тактап айтканда, функционалдык сабаттуулугу болуп саналат.

Жаңы билим берүү моделине ылайык башталгыч мектеп 1-6-класстарды камтыйт. Математика сабагын мектепте окутуудагы мазмун спираль жана концентрдик түрдө кеңейтилди.

Башталгыч мектепте математиканы окутуунун **максаты** курчап турган предметтерди жана процесстерди математикалык тилде ой-пикирлерди жана методдорду сүрөттөө, түшүндүрүү, турмуштук маселелерди чыгаруу, көйгөйлөрдү чече билүү, башка дисциплиналарды өздөштүрүү жана негизги мектепте билим алууну улантуу үчүн башталгыч математикалык билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр жөнүндөгү көз караштарды калыптандыруу болуп саналат. Аны ишке ашыруу үчүн бир нече милдеттерди аткаруу зарыл:

- Таанып-билүүчүлүк;
- Тарбия берүүчүлүк;
- Баалуулук.

**2025-2026-окуу жылындагы Математика предметинин базистик пландагы орду**

| Предмет | Класс | Сааты | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| Математика | 1 | 3 | 12 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 2 | 5 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | | 4 | 12 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 3 | 5 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 4 | 5 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |
| | 5 | 5 | 12 жылдык билим берүүнүн алкагындагы интеграцияланган класс |
| | 6 | 4 | 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы класс |

Башталгыч класстардын Математика предметинде аныкталган мазмундук багыттары:

1. Сандар жана арифметикалык амалдар
2. Геометриянын элементтери, мейкиндиктик кабылдоо жана чоңдуктар
3. Алгебранын элементтери жана мыйзам ченемдүүлүктөр


Башталгыч мектептеги математикалык билим берүү ар кандай окуу жана практикалык милдеттерди чечүү, өздөштүрүлгөн математикалык билимдерди жана жөндөмдүүлүктөрдү чыныгы турмушта, өзүн-өзү өнүктүрүүгө жана өз алдынча окууда колдонуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруучу үч **предметтик компетенттүүлүктөр** аныкталган:

1. Эсептөөчүлүк жана аналитикалык
2. Көрсөтмөлүү-образдык
3. Ыктымалдуулук жана маалыматтар менен иштей алуу компетенттүүлүгү


Мугалимдер бул класстарда сабактарын ийгиликтүү алып баруусу үчүн 11 жылдык билим берүүдө колдонулган окуу китептерине (480 сааттык "Наристе", 1-класстын Математика, 2-класстын Математика жана 5-, 6-класстардын Математика окуу китептерине) басым жасап, айкалыштырып колдоно алат.




Ал эми 7 жашка толгон, мектептик даярдоодон өтө элек балдар 12 жылдык билим берүүнүн 2-классына кабыл алынат. Бул окуучулар окуу жылынын биринчи чейрегинде 2-класска даярдык катары 1-класстын окуу материалдарынын мазмуну менен таанышып, адаптациялоо учурунда болушат. Экинчи чейректен тартып 2-класстын жаңы окуу программасы менен билим алууну улантышат. Мында окуу китеби, иш дептери жана мугалим үчүн сабактардын иштелмелери колдонулат.




Ошондой эле 2025-2026-окуу жылында 5-класска келген окуучулар кийинки 2026-2027-окуу жылында 7-класска секирик жасашат.




Алар үчүн өткөөл мезгилдин окуу программасы жана календардык-тематикалык планы иштелип чыкты.

1-6-класстарда математиканы окутуу процессинин натыйжалуулугу окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн, алардын математикалык даярдыгынын деңгээлин, жалпы окуу жөндөмдүүлүктөрүн жана көндүмдөрүнүн калыптангандыгын эске алуу менен салттуу жана инновациялык методдорун жана формаларын колдонуу менен натыйжалуу сабактарды уюштурушат.

Заманбап башталгыч мектептин жалпы билим берүү практикасында фронталдык жана жеке, кийинчерээк интерактивдүү окутуу учурунда жуптук, чакан топтук, топтук ***окутуунун уюштуруу формалары*** колдонулат.

**Окуучулардын математикалык көндүмдөрүн калыптандырууга, *окуу-таанып-билүү ишмердүүлүгүнө* багытталган окутуу методдорун колдонуу сунушталат:**

- Математикалык ой жүгүртүүгө жана аракеттенүүгө негизделген 8 өзгөчөлүк,
- Конкреттүү-графикалык-абстрактуу,
- Математикалык ой жүгүртүү аркылуу аракеттенүү,
- Статистикалык изилдөөчүлүк,
- Долбоорлоо,
- Көйгөйлүү (проблемалуу) ж.б.

Башталгыч класстардагы окуучулардын жетишкендиктерин баалоо принциптеринин (критериалдык, өзүн-өзү баалоонун артыкчылыгы, ийкемдүүлүк жана вариативдүүлүк, методдоруна, куралдарына (инструментарийине) шайкештиги жана адекваттуулугунун) негизинде жүргүзүлөт.

12 жылдык мектептик билим берүүнүн алкагында 1-3-класстардын окуу процессинде баа коюлбай, баалоонун сапаттык-сыпаттама ыкмалары колдонулат, бул окуучулардын окууга болгон ички шыктануулары колдоого жана өнүктүрүүгө, балдардын инсандыгын өнүктүрүү үчүн жагымдуу чөйрө түзүүгө мүмкүндүк берет.

Окуу процессиндеги баалоо окуучулардын алган билим, билгичтик, көндүмдөрүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө болгон ишенимин колдоо, өзүн-өзү, бирин-бири жана топтук баалоо, аткарылган ишмердүүлүктү талдоо көндүмдөрү калыптанат.

Иштердин бардык түрлөрү баалоонун чен-белгилеринин, критерийлеринин жана ченемдеринин негизинде баалоо милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан календардык-тематикалык планды иштеп чыгууда алдын ала пландаштырылат.

Күтүлүүчү натыйжалары менен компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо критерийлердин колдонулушу жана баалоо критерийлерин иштеп чыгып, колдонуу сунушталат.

**Ч.АТТОКУРОВА,**
**Кыргыз билим берүү академиясынын мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери**

# МАТЕМАТИКА
## (для начальных классов)

**Рассматривается актуальная проблема** роль математики в описании и понимании действительности, выражении обоснованных мыслей, а также в применении минимально необходимого набора математических знаний, навыков и умений (вычисления, измерение величин, распознавание, определение и построение геометрических фигур, анализ количественных данных и др.) в практической жизни и окружающем мире как инструмента для реализации собственных потребностей.

Овладение языком математики формирует понимание взаимосвязей между явлениями, обеспечивает ясное и наглядное представление количественных закономерностей и зависимостей, присущих изучаемым процессам. Это является показателем успешности учащихся и уровня их математической грамотности, то есть умения решать учебные и жизненные задачи во внешней среде, что напрямую связано с формированием функциональной грамотности.

Согласно новой модели образования, начальная школа охватывает 1-6 классы. Содержание преподавания математики строится по принципу спирального и концентрического расширения.

В 2025-2026 учебном году система образования КР будет преобразована: обучение в 1, 2, 5 и 7 классах начнётся по 12-летней системе, тогда как остальные классы продолжат обучение по 11-летней программе.

**Цель обучения математике в начальной школе** – научить описывать и объяснять на математическом языке окружающие предметы и процессы, применять идеи и методы для решения ситуационных задач, осваивать другие дисциплины, а также формировать представление об основных математических знаниях, навыках и умениях, необходимых для дальнейшего обучения в средней школе.

**Для достижения этой цели необходимо решить следующие задачи:**
- Когнитивные;
- Поведенческие;
- Ценностные.

**Место предмета «Математика» в базисном учебном плане на 2025-2026 учебный год**

| Предмет | Класс | К-во часов | Примечание |
|---|---|---|---|
| Математика | 1 | 3 | Класс в рамках 12-летнего образования |
| | 2 | 5 | Класс в рамках 11-летнего образования |
| | | 4 | Класс в рамках 12-летнего образования |
| | 3 | 5 | Класс в рамках 11-летнего образования |
| | 4 | 5 | Класс в рамках 11-летнего образования |
| | 5 | 5 | Интегрированный класс в рамках 12летнего образования |
| | 6 | 4 | Класс в рамках 11-летнего образования |


В рамках предмета «Математика» для начальных классов определены следующие содержательные линии:

1. Числа и арифметические действия
2. Элементы геометрии, пространственного восприятия и величин
3. Элементы алгебры и закономерности

Математическое образование в начальной школе базируется на трёх предметных компетентностях, которые формируют умение решать различные учебные и практические задачи, применять полученные математические знания и навыки в реальной жизни, а также использовать их для саморазвития и самообучения.


1. Вычислительная и аналитическая
2. Наглядно-образный
3. Работа с вероятностью и данными

Учителя могут использовать данное сочетание, уделяя особое внимание учебникам, применяемым в 11-летнем образовании (480-часовая программа «Нариcте», Математика для 1-го класса, Математика для 2-го класса, а также учебники по математике для 5-го и 6-го классов), что позволит им успешно проводить уроки в соответствующих классах.





Дети, достигшие 7 лет и не прошедшие подготовку к школе, принимаются во 2-й класс 12-летней системы образования. Эти учащиеся ознакомятся с содержанием 480-часовой программы «Нариcте» и учебными материалами для 1-го класса, а также пройдут адаптационный период в течение первой и второй четвертей учебного года в рамках подготовки к обучению во 2-м классе.

С третьей четверти они продолжат обучение по новой программе для 2-го класса, которая включает учебник, рабочие тетради и поурочные планы для учителей.




Кроме того, учащиеся, поступившие в 5-й класс в 2025-2026 учебном году, в 2026-2027 учебном году перейдут сразу в 7-й класс. Таким образом, в 5-м классе они будут изучать учебные материалы по 12-летней образовательной программе с интеграцией содержания 5-го и 6-го классов 11-летней программы.




При определении содержания предметных областей математики для 5-го класса в учебной программе была учтена взаимосвязь материалов 5-го и 6-го классов 11-летней системы образования. Для данного уровня разработаны учебная программа переходного периода и календарно-тематический план.

Эффективность процесса обучения математике в 1-6 классах определяется организацией результативных уроков с использованием как традиционных, так и инновационных методов, и форм обучения, с учётом возможностей учащихся, уровня их математической подготовки, а также сформированности общеучебных умений и навыков.

В современной практике начальной школы применяются различные организационные формы обучения: фронтальное, индивидуальное, парное, малое групповое и групповое обучение, в том числе в рамках интерактивных технологий.

Рекомендуется использовать методы обучения, направленные на формирование предметных компетенций и развитие учебно-познавательной деятельности учащихся, в том числе:
- методы, основанные на математических рассуждениях и действиях (8 характеристик);
- конкретно-графический-абстрактный метод;
- метод «действие через математическое мышление»;
- методы статистических исследований;
- проектный метод;
- проблемный метод;
- другие инновационные подходы.

Оценка достижений учащихся начальных классов осуществляется на основе принципов критериальности, приоритета самооценки, гибкости и вариативности, системности, а также адекватности методов и средств (инструментария).

В 1-3-х классах в учебном процессе (12-летнем школьном образования) вместо баллов применяются качественные и описательные методы оценки. Такой подход позволяет поддерживать и развивать внутреннюю мотивацию учащихся к обучению и формировать благоприятную среду для развития личности ребёнка.

Начиная с 4-го и до конца 6-го класса, оценивание проводится с использованием как качественных, так и описательных методов (критерии оценки, письменная и устная обратная связь, оценочные рубрики), а также с применением уровней достижений.

Оценка в процессе обучения направлена на:
укрепление уверенности обучающихся в полученных знаниях, умениях и навыках;
развитие навыков самооценки, взаимооценки и групповой оценки;
формирование умения анализировать выполненную деятельность.

Оценка всех видов работ является обязательной, проводится на основе заранее определённых критериев и нормативов, и планируется учителем при составлении календарно-тематического плана.

Для оценки достижений обучающихся в соответствии с ожидаемыми результатами и уровнем сформированности компетенций рекомендуется разрабатывать и применять систему критериального оценивания с чётко определёнными показателями.

**Чынар АТТОКУРОВА,**
**старший научный сотрудник лаборатории дошкольного и начального школьного образования Кыргызской академии образования**

# МАТЕМАТИКА




2025-2026-окуу жылында Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында математика сабагын окутуу жаңы окуу программасын ишке киргизүү жана мектептик билим берүүнүн 12 жылдык моделине өтүү шарттарында жүргүзүлөт. Бул өзгөрүүлөр окутуунун максаттарын, мазмунун жана методикалык ыкмаларын кайра карап чыгуу зарылдыгын жаратат. Айрыкча, 7-класс жаңы моделдеги негизги мектептин баштапкы баскычы катары өзгөчө мааниге ээ.

**Математикалык билим берүүнүн максаты** – математиканы айлана-чөйрөнү сүрөттөөчү универсалдуу тил, логикалык жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүчү каражат, талдоо, моделдештирүү жана чечим кабыл алуунун инструменти катары толук түшүнүк түзүү болуп эсептелет. Бул максат окуу процессинин стратегиялык багытын аныктап, анын мазмунун гана эмес, окутууга болгон ыкмаларды да белгилейт.

Максатка жетүү үчүн бир нече негизги тапшырмалардын тобу аныкталат, алардын ар бири математика аркылуу билим берүүчү, өнүктүрүүчү жана тарбиялык таасирдин ар кандай аспектилерин ачып көрсөтөт.

Билим берүүчү тапшырмалар – окуу жана практикалык багыттагы тапшырмаларды чечүүгө мүмкүндүк берүүчү эсептөө, алгебралык, геометриялык, аналитикалык жана ыктымалдык жөндөмдөрдү өнүктүрүү кирет.

Өнүктүрүүчү тапшырмалар – талдоо, жүйөлөө, интерпретациялоо, визуалдаштыруу жана маселени чечүүнүн стратегиясын өз алдынча тандоо жөндөмдөрүн калыптандырууга багытталат.

Тарбия берүүчү тапшырмалар – жоопкерчиликти, илимий чынчылдыкты, предметке болгон туруктуу кызыгууну жана кесиптик багытты аң-сезимдүү тандоо маданиятын калыптандырууну көздөйт.

Жаңы окуу жылында 8-11-класстар мурунку жылдардагы программалардын негизинде окутулат: 8-9-класстарда – «Алгебра» жана «Геометрия» сабактары өз-өзүнчө, ал эми 10-11-класстарда – «Алгебра жана анализдин башталышы» жана «Геометрия» предметтери өз-өзүнчө окутулат. Бул предметтер боюнча сааттардын жарым жылдыкка бөлүштүрүлүшү мурдагыдай бойдон калат.


Для оценки индивидуальных достижений, учащихся в классе применяются три вида оценивания: диагностическое, формирующее и суммативное. В соответствии с Государственным образовательным стандартом общего среднего образования в 1-3 классах 12-летнего школьного образования по предмету «Художественное творчество и технология» применяется без отметочного оценивания. Для того чтобы учитель мог увидеть результаты обучения, используются различные формы и задания: это могут быть устные ответы, графические, живописные и объемные работы и т. д. Используются устные оценки, портфолио, выставки.

Для успешной реализации требований предметного стандарта по «Изобразительному искусству и технологии» необходимо назначить квалифицированного специалиста-педагога. В случае отсутствия специалиста в школе разрешается преподавание учителями, прошедшими курсы повышения квалификации или получившими дополнительную специализацию. Для преподавания нового интегрированного предмета «Художественное творчество и технология» требуется организация специальных кабинетов и оснащение их необходимыми средствами в соответствии с предметным стандартом, что является требованием времени.

Интегрированный предмет «Художественное творчество и технология» направлен на развитие у учащихся художественного и эстетического восприятия мира, овладение техническими и трудовыми навыками, применение полученных знаний на практике и закрепление их в проектной деятельности.

Остальные классы в 2025–2026 учебном году продолжат обучение без изменений по ранее утвержденной учебной программе 11-летней системы образования.

Предмет «Художественное творчество и технология» способствует всестороннему развитию личности ребёнка: формирует художественно-эстетический вкус, трудовые навыки, уважение к национальной культуре, природе и труду. Учебно-методические материалы помогают детям раскрыть и реализовать свои способности в современном мире, обучая их творчеству, самостоятельности и сотрудничеству. В рамках отведённых на предмет часов учащимся предоставляется возможность выполнять практические работы по темам, предлагаемым в рамках трудовых дисциплин, с возможностью выбора вариантов в зависимости от творческих способностей и интересов. Теоретические знания, полученные в школе, рекомендуется использовать во внеучебной практике.

**ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ТВОРЧЕСТВО И ТЕХНОЛОГИЯ**

• В 2025-2026 УЧЕБНОМ ГОДУ ПРЕДЛАГАЕТСЯ ОСУЩЕСТВЛЯТЬ ОБУЧЕНИЕ УЧАЩИХСЯ 5-ГО КЛАССА ОСНОВНЫМ РАЗДЕЛАМ УЧЕБНОГО МАТЕРИАЛА ДВУХ КЛАССОВ (5-ГО И 6-ГО) НА ОДНОМ УРОКЕ. МАТЕРИАЛЫ 5-6-Х КЛАССОВ ТЩАТЕЛЬНО ОБЪЕДИНЕНЫ С УЧЕТОМ ВОЗРАСТНЫХ ОСОБЕННОСТЕЙ УЧАЩИХСЯ, А ИНТЕГРИРОВАННАЯ ПРОГРАММА 5-ГО КЛАССА НЕ ПРЕДСТАВЛЯЕТ ТРУДНОСТЕЙ ДЛЯ ОСВОЕНИЯ УЧАЩИМИСЯ.

При преподавании предмета «Художественное творчество и технология» рекомендуется использовать учебники и методические пособия для 2-6 классов. Виды деятельности и ожидаемые результаты учащихся 1-6 классов подробно описаны в стандарте по предмету. Эффективно используйте их для достижения успеха на каждом уроке. Желаем вам творческих успехов в работе.

**Д.АКМАТОВ,**
**старший научный сотрудник лаборатории технологии, искусства и культуры здоровья Кыргызской академии образования**

# ТАБИЯТ ТААНУУ

2025-2026-окуу жылынан тартып Кыргыз Республикасы 12 жылдык билим берүү системасына өтөт. 12 жылдык билим берүүгө өтүү билим берүүнүн бардык баскычтарына жана бардык предметтерге таасир этет. Эң чоң өзгөрүү табигый илимдер багытында болот: башталгыч класстарда жана негизги мектеп баскычында Табият таануу (Science/Наука) интеграцияланган курсу этап-этабы менен киргизилет.

Мындай өзгөрүүлөр өлкөбүздүн муктаждыктарына жооп берет, анткени биздин өнүгүү багытыбыз табигый-илимий, экологиялык жана илимий-техникалык компетенттүүлүктөрдү бардык бүтүрүүчүлөрдө калыптандырууга негизделет.

**"Табигый илимий" билим берүү чөйрөсүнүн баалуулугу:**

• Башка илимдердин пайдубалын куруугa негиз болот. Табигый илим окуучуларды табияттын негизги мыйзамдары менен тааныштырат, кийин бул билимдер биология, физика жана химия сабактарында тереңдетилет.

• Ойлонууга үйрөтөт. Сабак илимий жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрөт, байкоо жүргүзүүгө, суроо берүүгө, жооп табууга жана логикалык жыйынтык чыгарууга үйрөтөт. Бул жөндөм окууда да, коомдук турмушта да маанилүү.

• Дүйнөнү түшүнүүгө жардам берет. Табигый илим жамгыр эмне үчүн жаай турганын, биздин организм кантип иштей турганын, же аалам кандай түзүлгөнүн түшүндүрөт. Ал дүйнөнү түшүнүктүү жана кызыктуу кылат.

• Жоопкерчиликтүү мамилени калыптандырат. Экологияны, адам менен табияттын өз ара мамилесин, климаттын өзгөрүшүн жана ага ыңгайлашууну окуу аркылуу окуучулар туруктуу өнүгүү эмне экенин түшүнүшөт - ресурстарды үнөмдөөнүн жана айлана-чөйрөнү коргоонун маанисин билишет.

Демек, табигый илим окуучунун ар тараптуу өнүгүүсүнө негиз түзүп, сабаттуу гана эмес, жоопкерчиликтүү жаран болуусуна да көмөктөшөт.

Табигый илимдер циклинде башталгыч мектептеги Мен жана дүйнө (1-4-класстар) предмети менен тыгыз байланыш бар.

Табигый илим (Science/Наука) сабагы 5 - 6-класстарда кийинки табигый илимдерди өздөштүрүүгө даярдык катары окутулат. Ал 7 – 9 - класстарда интеграцияланган түрдө, ал эми 10 - 12- класстарда профилдик деңгээлде (физика, химия, биология) өз-өзүнчө предметтер катары улантылат.

Табигый илимдер багыты табигый-илимий дүйнө таанымды, изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрдү (илимий суроолорду аныктоо жана коюу, кубулуштарды илимий түшүндүрүү, илимий далилдерди колдонуу, санариптик экологиялык компетенттүүлүк), жандуу жана жансыз табияттын биримдиги жана ар түрдүүлүгү жөнүндөгү түшүнүктөрдү, организмдерде, жаратылыш коомчулуктарында жана айлана-чөйрөдө жүргөн мыйзам ченемдер жөнүндө билимди, экосистемалардагы байланыштар менен көзкарандылыктарды түшүндүрүү жөндөмүн, экологиялык ой жүгүртүүнүн пайдубалын түзүүнү калыптандырууга багытталган.

Бул билим берүү чөйрөсүндө окуучулардын сабакта жана табигый объекттерди байкоо процессинде алган билимдери менен көндүмдөрү туруктуу өнүгүү концепцияларына негизделип интеграцияланат. Бул интеграцияда табияттын ар түрдүүлүгүн түшүнүү, коом менен табияттын тең салмактуу өнүгүү принциптерин баалоо, Кыргыз Республикасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу зарылдыгын аңдоо, системалуу ой жүгүртүүнүн негиздерин калыптандыруу, экологиялык аң-сезимди жана "жашыл көндүмдөрдү" өнүктүрүү ишке ашырылат.

### ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖАҢЫ МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫНА ӨТҮҮ

Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамстандарт) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы №131 токтому менен бекитилген. Бул Мамстандартка туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүдө зарыл болгон бир катар түшүнүктөр киргизилген.

Документте белгиленгендей: «Туруктуу өнүгүү принциптерин карманyy - дүйнө экологиялык жана социалдык чакырыктарга туш болгон учурда абдан маанилүү баалуулук. Келечек муундардын кызыкчылыктарын эске алуу жана узак мөөнөттүү кесепеттердин алдын алып ойлонуп иш алып баруу – глобалдык жыргалчылык үчүн абдан зарыл».

Туруктуу өнүгүү үчүн билимди жана компетенттүүлүктү калыптандыруунун негизи "жашыл көндүмдөр" болуп саналат.

Мамстандартта: «Жашыл көндүмдөр – экологиялык жактан коопсуз жашоо образын өздөштүрүү, туруктуу жана ресурс-эффективдүү коомду өнүктүрүү жана колдоо, экологиялык көйгөйлөрдү аныктоо, алдын алуу жана чечүү үчүн зарыл болгон билимдер, баалуулуктар жана мамилелер» деген аныктама берилген.

Бул мамиле билим берүүнүн максаттарында, милдеттеринде жана күтүлүүчү натыйжаларында ачылып көрсөтүлгөн.

Жалпы билим берүүнүн максаты – «окуучулардын туруктуу өнүгүүгө зарыл болгон баалуулуктарды, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүүсү үчүн сапаттуу билим берүүнү (тарбиялоо, окутуу жана өнүктүрүү) камсыз кылуу жана өмүр бою билим алуу мүмкүнчүлүгүн колдоо».

**Милдеттердин арасында төмөнкүлөр көрсөтүлгөн:**

• «окуучуларга азыркы экологиялык көйгөйлөрдү аң-сезимдүү түшүндүрүү, дүйнөнүн морттугун, адам менен табияттын гармониялуу жашоосун, жашыл энергетика мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу, экосистеманын булактарын коргоо жана ар бир түргө кылдат мамиле кылуу»;

• «мөңгүлөрдү, суу ресурстарын жана Кыргызстандын тоо экосистемаларын сактоонун маанисин түшүнгөн, күнүмдүк турмушта туруктуу экологиялык тажрыйбаларды колдоно билген, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу жана коопсуз жашоо эрежелерин билген экологиялык жоопкерчиликтүү муунду тарбиялоо».

### ТАБИЯТ ТААНУУ БОЮНЧА ЖАҢЫ ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТКА ӨТҮҮ

2025-жылдын августунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясында табият таануу боюнча предметтик стандарт бекитилген.

Табигый илимдер билим берүү чөйрөсүнүн максаттары жана милдеттери тоо жана суу экосистемаларын сактоо жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу зарылдыгы боюнча мамлекеттик саясатка ылайык жаңыртылды.

Табигый илимдер билим берүү чөйрөсүнүн максаты - табигый илимдердин ар түрдүү тармактарынан (физика, химия, биология, география, астрономия) билимдерди интеграциялоо аркылуу курчап турган дүйнө жөнүндө толук түшүнүктүн негизи катары табигый илимий дүйнө таанымды калыптандыруу, окуучулардын "жашыл көндүмдөргө" ээ болушу, ошондой эле жаратылышты практикалык изилдөө аркылуу алардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү.

Табият таануу предметин окутуу төмөнкүдөй окутуу мамилелерге таянат:

- Компетенттүүлүккө негизделген мамиле
- Ишмердүүлүккө негизделген мамиле
- Инсанга багытталган мамиле
- Маалыматтык-санариптик мамиле
- Интегративдик мамиле
- Системалык мамиле

Предметтик мазмун материяны уюштуруунун үч негизги деңгээли: микродүйнө, мезодүйнө жана мегадүйнө боюнча (атомдордон жана молекулалардан космоско чейин, анын ичинде жандуу жаратылыштын бир бөлүгү жана ага тиешелүү экологиялык жана антропогендик/техногендик ландшафтар) жана түшүнүктөр/категориялар (дене, зат, энергия, талаа, мейкиндик, убакыт, кубулуш, кыймыл, адам жана айлана-чөйрө) боюнча бөлүштүрүлгөн объекттерди проблемалага багытталган изилдөөнүн негизинде, анын ичинде экологиялык жана климаттык өзгөрүүлөрдүн контекстинде жана жаратылыш кубулуштарынын өнүгүү мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алуу менен түзүлөт.

Ушундан улам Табият таануу (Science/илим) предметинин мазмундук багыттары жана компетенттүүлүктөрү аны дүйнөнүн табигый илимий картинасын калыптандыруучу жана адамдын, жаратылыштын жана антропогендик/техногендик чөйрөнүн (адам өзгөрткөн мейкиндиктин) өз ара байланышын көрсөтүүчү аталган илимдердин ар биринин негизги идеяларынын негизинде курулат.

**Табият таануу предметин уюштуруу төмөнкү мазмундук багыттарды камтыйт:**

**1.** Дүйнө таануу системасы: илимий таанып-билүүнүн ыкмалары жана формалары, табигый илимий дүйнө таанымы.

**2.** Физикалык системалар: дене, зат, энергия, өз ара аракеттенүү жана айлануу.

**3.** Космостук системалар: аалам, галактикалар, жылдыздар, Күн системасы, Жер планетасы.

**4.** Жандуу системалар: микро жана макроорганизмдер, коомчулуктар, экосистемалар жана чөйрөнү жөнгө салуу, жашоону сактоо келечеги.

**5.** Техно жана антропосистемалар: технологиялар, жаратылыш шарттары жана ресурстар, адамдын саламаттыгы жана жашоо коопсуздугу.

Бул мазмундук багыттар физика, химия, биология, география сабактарында темага жараша өзгөрүп, табигый илимий билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыздайт.

Табият таануу предметинин компетенттүүлүктөрү эл аралык PISA изилдөөсүнүн негизги принциптерине шайкеш түзүлөт, анда табиятты жана адамдын ишмердүүлүгүн интеграцияланган түрдө изилдөө талап кылынат.

Жыйынтыктап айтканда, табият таануу сабагын табигый илимий багыттагы жогорку билимге ээ мугалим гана окутушу керек. Бул жогорку компетенттүүлүктү, предметти терең түшүнүүнү жана заманбап илимий жетишкендиктерге таянган натыйжалуу окутууну камсыз кылат.

### 5-КЛАССТАРГА САБАК БЕРГЕН ТАБИЯТ ТААНУУ МУГАЛИМДЕРИ ҮЧҮН СУНУШТАР

5-класстын окуучулары предметтик жаңы стандарт жана жаңы окуу программасы (2025) боюнча, 12 жылдык билим берүү системасына өтүү концепциясына ылайык билим алышат. 2025–2026-окуу жылында 5 - 6-класстын программалары бириктирилип, 5-класстын программасына интеграцияланат, анткени 2026-2027-окуу жылында 5-класстын бүтүрүүчүлөрү 7-класска өтүшөт.

2025 - 2026-окуу жылында 5-класстын Табият таануу предметине жумасына 2 сааттык окуу жүктөмү берилген. Бул окуучуларга табият таануу багытындагы сабактарды тереңирээк үйрөнүүгө бекем негиз түзөт. Ошондой эле предметтин интегративдүү мүнөзүн эске алуу менен, дүйнөнүн табигый илимий сүрөтүн калыптандырууга жана адам, жаратылыш менен техногендик/антропогендик чөйрөнүн өз ара байланышын көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Мугалимдер жаңы Табият таануу (Science/Наука) окуу-методикалык комплексин (ОМК): 5-класстын материалдарын - биринчи жарым жылдыкта, 6-класстын материалдарын экинчи жарым жылдыкта колдонушат.

Окуучулардын материалды өздөштүрүүсү алардын активдүү билим алуу жана изилдөө иштерине негизделет. Окуучулардын активдүүлүгү окуу процессинин туура уюштурулушунан көз каранды.

2025-жылдан баштап табият таануу сабагын окутуу 5К модели боюнча жүргүзүлөт. Бул модель окуучуларга илимий билимди активдүү катышуу, изилдөө жана практика аркылуу өздөштүрүүгө жардам берет:

**1. Координация** (мотивация жана маселе коюу).

Бул этапта окуучулар темага тартылат. Мугалим кызыктуу маселе коюп, багыт берүүчү суроолорду берет же көрсөтмө эксперимент өткөрөт. Максат окуучулардын сабакка кызыгуусун ойготуу жана алдын ала билимдин аныктоо.

Мисал: муздардын эришин көрсөткөн видео көрсөтүү жана «Эмне үчүн кээ бир жерлерде муз бат эрийт?» деген суроо берүү.

**2. Конструкциялоо** (үйрөнүү жана изилдөө).

Окуучулар байкоо жүргүзүп, тажрыйбалар өткөрүп, маалыматтарды талдашат. Борбордо - өз алдынча иштөө, изилдөөчүлүк активдүүлүк, топтук талкуу. Мугалим багыт берип турат.

Мисал: күн нурунда бири жабылган, бири ачык банка менен парник эффектиси боюнча тажрыйба өткөрүү.

**3. Коммуникация** (түшүндүрүү жана талкуулоо).

Окуучулар байкоо жыйынтыктарын сунуштап, түшүндүрөт. Коллективдүү талкуу жүрөт, илимий түшүнүктөр жана тыянактар чыгат. Мугалим түшүндүрмөлөрдү толуктайт жана оңдойт.

Мисал: парник эффектиси моделинде жабылган банканын ичиндеги температуранын жогорулашынын себептерин талкуулоо.

**4. Контекстуализация** (жаңы кырдаалда колдонуу).

Окуучулар алган билимдерин башка кырдаалдарга колдонушат, практикалык маселелерди чечишет, мини-долбоорлорду жасашат. Билимди жаңы шартка өткөрүү өнүгүү калыптанат.

Мисал: өз аймагындагы климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерин талдап, чечүү жолдорун сунуштоо.

**5. Контроль** (баалоо жана рефлексия).

Мугалим жана окуучулар эмне өздөштүргөндүгүн баалашат. Бул тесттер, өзүн-өзү баалоо, өз ара баалоо, рефлексия болушу мүмкүн. Максат - жетишкендиктерди жана жетишпегендиктерди аныктоо.

Мисал: «Климаттын өзгөрүшү» боюнча тест өткөрүү же долбоордун жыйынтыгын чыгаруу.

Бул моделдин артыкчылыктары:

• Окуучулардын мотивациясын жана катышуусун жогорулатат.

• Сынчыл ой жүгүртүү жана илимий изилдөө көндүмдөрүн калыптандырат.

• Билимди турмушта колдоно билүү жөндөмүн өнүктүрөт.

• Табият таануу сабагын кызыктуу жана маанилүү кылат.

Сабактарды ар түрдүү методдор менен өтүү маанилүү, мисалы, окуучуларга жеткиликтүү жана кызыктуу кырдаалдык тапшырмаларды берүү, кейс-стади ыкмасын колдонуу, көйгөйлүү кырдаалдарды моделдөө ж.б.

Табият таануу сабактарында калыптандырылуучу компетенттүүлүктөрдүн бири - санариптик экологиялык компетенттүүлүк, андыктан маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) колдонуу зарыл. МКТ билим алуу процессин колдойт, окуучулардын кызматташтыгын жана баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Интернетке туташкан заманбап гаджеттер окуу маселелерин чечүүдө көмүнча маалыматты тез чогултууга жана талдоого, ар түрдүү жаратылыш кубулуштарын, тажрыйбаларды көрүүгө мүмкүндүк берет.

5-класстын окуучулары үчүн экскурсияларды өткөрүү зарыл. Бул - мектептен тышкаркы билим берүү ишмердүүлүгү. Ал окуучуларга күнүмдүк турмуш шартында илимий изилдөө тажрыйбасын жана билим алууну камсыз кылат. Экскурсиялар мектеп администрациясы, билим берүү башкармалыгы/райОО менен макулдашылып, ата-энелердин тартуу жана окуучулардын коопсуздугун катуу көзөмөлдөө менен өткөрүлүүгө керек.

Табиятка болгон этикалык жана инсандык позицияны талкуулоо. Илимий таанып билүү - изденүүчүлүк, чыгармачылык, объективдүүлүк, чынчылдык, кабылдоочулук, туруктуулук жана жоопкерчилик сыяктуу инсандык сапаттардын калыптанышынан ажырагыс жана буга окуу процессинде көңүл буруу керек. Окуучулар ошондой эле илимдин жана техниканын этикалык аспектилерин талкуулай алышат.

Долбоордук-изилдөө ишмердүүлүгү теориялык билимдердин жана практикалык көндүмдөрдүн прикладдык мүнөзүн көрсөтүүгө жардам берет.

2025–2026-окуу жылында 5-класстарда табият таануу (Science/Наука) сабагы жаңы программанын негизинде окутулат. Табият таануу предметине бөлүнгөн сааттар төмөндөгүдөй:

**Таблица 1.**

| | Предмет | |
|---|---|---|
| Класс | Табият таануу | |
| | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык |
| 5 | 2 саат | 2 саат |

**Мугалимдердин август кеңешмесинде «Табият таануу» предмети боюнча талкуулоого сунушталган темалар:**

• Табият таануу боюнча жаңыланган предметтик стандартты талдоо жана талкуулоо.

• Табият таануу сабактарынын алкагында окуучуларда «жашыл» көндүмдөрдү калыптандыруу жолдору.

• «Табият таануу» предметин окутуу процессинде окуучуларда предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу (талкуу жана тажрыйба алмашуу үчүн так кейстер сунушталса жакшы).

• Табигый-илимий сабаттуулукту өнүктүрүү үчүн санариптик технологияларды жана заманбап онлайн каражаттарды колдонуу.

• Табият таануу предметинин мазмуну жана окутуу усулдары аркылуу окуучулардын функционалдык сабаттуулугун өнүктүрүү.

• PISA-2025 эл аралык изилдөөсүнүн контекстинде функционалдык сабаттуулуктун курамдык бөлүгү катары табигый-илимий сабаттуулук.

• «Табият таануу» предметинин материалында окуучуларды кыргыз жараны катары калыптандыруу: экосистеманы сактоо үчүн жарандык жоопкерчилик, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу жана жашоо коопсуздугу.

**Альфия НАСЫРОВА,**
**КББАнын табигый-илимий жана математикалык билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери**
**Лариса МАРЧЕНКО,**
**КРСУнун улук окутуучусу**

# ЕСТЕСТВОЗНАНИЕ

С 2025-2026 учебного года Кыргызская Республика переходит к 12-летнему образованию.

Переход на 12-летнее обучение затрагивает все ступени образования и все предметы. Но наибольшая трансформация произойдет в естественнонаучной образовательной области: в начальной школе и на основной ступени обучения последовательно будет вводиться интегрированный курс «Естествознание» (Science/Наука).

Такие изменения в системе образования отвечают потребностям нашей страны, которая ориентируется на развитие отраслей экономики, связанных с необходимостью естественно-научных, экологических и научно-технических компетентностей у всех выпускников всех уровней обучения.

**Поэтому ценность образовательной области «Естественнонаучная» заключается в том, что она:**

• Закладывает фундамент для других наук. Естествознание знакомит учеников с базовыми принципами природы, которые затем углубляются в таких предметах, как биология, физика и химия.

• Учит думать. Предмет развивает научное/критическое мышление, учит наблюдать, задавать вопросы, находить ответы и делать логические выводы. Это важный навык как в учебной, так и в социальной жизни.

• Помогает понять мир вокруг. Естествознание объясняет, почему идёт дождь, как работает наш организм, или как устроена Вселенная. Оно делает мир понятным и интересным.

• Формирует ответственное отношение. Изучая экологию и взаимодействие человека с природой, изменение климата и адаптацию к нему, ученики понимают, что такое устойчивое развитие – почему важно беречь ресурсы и заботиться об окружающей среде.

Таким образом, естествознание закладывает основу для всестороннего развития, помогая вырасти не только грамотным, но и ответственным гражданином.

Предметы естественнонаучного цикла имеют преемственность с предметом «Я и мир» начальной школы (1 - 4 кл.).

Предмет «Естествознание» (Science/Наука) в 5-6 классах одновременно является пропедевтической основой для дальнейшего изучения естественных наук как интегрированного предмета (7-9 классы), так и в дальнейшем – на профильном уровне (10-12 классы) отдельных предметов (физика, химия, биология) для тех, кто выберет естественнонаучное направление обучения.

Естественнонаучная образовательная область направлена на формирование естественно-научного мировоззрения, набора исследовательских компетентностей (распознавание и постановка научных вопросов, научное объяснение явлений, использование научных доказательств, цифровая экологическая компетентность), понимание единства и многообразия свойств неживой и живой природы, представлений о закономерностях, происходящих в организмах, природных сообществах, окружающей среде, формированию способностей к объяснению связей и зависимостей в экосистемах, закладыванию основ экологического мышления.

Поэтому в данной образовательной области осуществляется интеграция знаний и навыков, полученных обучающимися на уроках, а также в ходе наблюдения за природными объектами на основе концептов устойчивого развития, направленных на формирование понимания многообразия природы, ценностей и принципов сбалансированного развития общества и природы, необходимости адаптации к изменению климата с учетом особенностей Кыргызской Республики, формирования у них основ системного мышления, развития экологического сознания и «зеленых навыков».

### ПЕРЕХОД К НОВОМУ ГОСУДАРСТВЕННОМУ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМУ СТАНДАРТУ ШКОЛЬНОГО ОБЩЕГО ОБРАЗОВАНИЯ

Государственный образовательный стандарт школьного общего образования Кыргызской Республики (далее - Госстандарт), который был утвержден Постановлением Кабинета министров КР №131 от 14.03.25 г. В данный Госстандарт включены ряд понятий, необходимых для образования для устойчивого развития

Как отмечено в документе, «следование принципам устойчивого развития - актуальная ценность, когда мир сталкивается с экологическими и социальными вызовами. Способность учитывать интересы будущих поколений и действовать с учетом долгосрочных последствий крайне важна для глобального благосостояния»

Ключевыми для формирования знаний и компетентностей для устойчивого развития, являются "зеленые навыки".

В Госстандарте дано следующее определение: «зеленые навыки – знания, ценности и установки, необходимые для овладения экологически безопасными способами жизни, развития и поддержки устойчивого и ресурсоэффективного общества, выявления, предупреждения и решения экологических проблем».

Этот подход раскрывается в целях и задачах образования и ожидаемых результатах обучения.

Целью общего образования является «обеспечение качественного образования (воспитание, обучение и развитие) для приобретения обучающимися ценностей, ключевых и предметных компетентностей, необходимых для устойчивого развития и поощрения возможности обучения на протяжении всей жизни».

**Среди задач указано:**

- «обеспечение сознательного понимания обучающимися современных экологических проблем, хрупкости мира, гармоничного сосуществования человека и природы, использование возможностей зеленой энергетики, защита источников экосистем и бережное отношение к каждому составляющему ее виду и явлению»;

- «воспитание экологически ответственного поколения, осознающего важность сохранения ледников, водных ресурсов и горных экосистем Кыргызской Республики, готового внедрять устойчивые природоохранные практики и инициативы в повседневной жизни, освоение знаний и правил поведения по адаптации к климатическим изменениям, а также безопасной жизнедеятельности».

### ПЕРЕХОД К НОВОМУ ПРЕДМЕТНОМУ СТАНДАРТУ ПО ЕСТЕСТВОЗНАНИЮ

В августе 2025 г. на коллегии Министерства образования и науки Кыргызской Республики был утвержден предметный стандарт по естествознанию.

Цели и задачи образовательной области обновлены в соответствии с государственной политикой по сохранению горных и водных экосистем и необходимости адаптации к изменению климата.

Целью образовательной области "Естественнонаучная" заявлено: – формирование естественнонаучного мировоззрения как основы целостного представления об окружающем мире через интеграцию знаний из различных областей естественных наук (физики, химии, биологии, географии, астрономии), овладение учащимися «зелеными навыками», а также развитие их познавательной активности через практическое исследование природы.

**Подходы к обучению:**

• Компетентностный подход
• Деятельностный подход
• Личностно-ориентированный подход
• Информационно-цифровой подход
• Интегративный подход
• Системный подход

Предметное содержание строится на основе проблемно-ориентированного изучения объектов, распределённых по трём основным уровням организации материи: микромиру, мезомиру и мегамиру (от атомов и молекул до Космоса, включая человека как часть живой природы и соотносимые с ним экологические и антропогенные/техногенные ландшафты) и через понятия/категории (тело, вещество, энергия, поле, пространство, время, явление, движение, человек и окружающая среда), на основе законов и закономерностей развития природных явлений, в том числе в контексте и с учетом экологических и климатических изменений.

Благодаря этому, содержательные линии и компетентности предмета «Естествознание» (Science/Наука) выстраивают его на основе ключевых идей каждой из указанных наук, формирующих естественнонаучную картину мира и показывающих взаимосвязь человека, природы и антропогенной/техногенной среды (преобразованного человеком пространства).

Организация предмета «Естествознания» предполагает развертывание следующих содержательных линий:

1. Система миропознания: методы и формы научного познания, естественнонаучная картина мира.

2. Физические системы: тело, вещество, энергия, взаимодействие и превращение.

3. Космические системы: Вселенная, галактики, звезды, Солнечная система, планета Земля.

4. Живые системы: микро- и макроорганизмы, сообщества, экосистемы и регуляция среды, перспективы сохранения жизни

5. Техно и антропосистемы: технологии, природные условия и ресурсы, здоровье человека и безопасность жизни.

Содержательные линии сохраняются на всем протяжении изучения предметов естественнонаучной области, трансформируясь в зависимости от объектов изучения физики, химии, биологии, географии.

Предметные компетентности естественнонаучной образовательной области строятся на принципах и подходах, являющихся базовыми для международного исследования PISA, требующего целостного/ интегрированного подхода к изучению природы и деятельности человека в ней.

Соответственно, в ожидаемых образовательных результатах закреплены конкретные требования к уровню достижений учащихся для каждого класса.

В связи с вышеизложенным, преподавание предмета «Естествознание» (Science/Наука) должен осуществляться педагогом, имеющим профильное естественнонаучное образование.

Это гарантирует высокий уровень компетентности, глубокое понимание предмета и способность эффективно передавать знания и формировать компетентности обучающихся, опираясь на современные научные достижения и методики.

**Рекомендации для учителей естествознания, работающих в 5-х классах**

Учащиеся 5-х классов, обучаются по новому стандарту и учебной программе 2025 г., в соответствии с концепцией перехода к 12-летнему образованию. В 2025-2026 уч. г. интегрируются программы 5-6 классов в программу 5-го класса в связи с перескоком в 2026-2027 уч. г. учащихся в 7 класс.

В 2025-2026 уч. году на предмет «Естествознание» в 5-ом классе выделено 2 часа в неделю, что позволит создать у учащихся крепкий базис для дальнейшего изучения предметов естественнонаучной области, а учитывая интегративный характер самого предмета – позволит сформировать естественнонаучную картину мира и показать взаимосвязь человека, природы и техногенной/антропогенной среды.

Учителя используют УМК 2025 года по предмету «Естествознание» (Science/Наука): 5-ый класс - в первом полугодии, УМК 6 класса – во втором полугодии 5-го класса.

Усвоение школьниками учебных материалов происходит на основе их активной учебно-познавательной деятельности. Активность школьников зависит от правильной организации учебного процесса.

Обучение предмету естествознания с 2025 г. основано на использовании модели 5К, которая помогает обучающимся осваивать естественнонаучные знания через активное участие, исследование и практику:

Координация (мотивация и постановка проблемы). На этом этапе учащиеся вовлекаются в тему. Учитель формулирует интересную проблему, задаёт наводящие вопросы или проводит демонстрационный эксперимент. Цель — пробудить интерес и выявить предшествующие знания. Пример: показать видео о таянии ледников и задать вопрос: «Почему лёд тает быстрее в одних местах, чем в других?»

Конструирование (изучение и исследование). Учащиеся проводят наблюдения, опыты, анализируют данные. В центре — самостоятельная работа, исследовательская активность, групповые обсуждения. Учитель — фасилитатор, направляет процесс. Пример: провести эксперимент по парниковому эффекту с двумя банками (одна накрыта, другая нет) и источником тепла.

Коммуникация (объяснение и обсуждение). Ученики представляют результаты своих наблюдений и объясняют их. Идёт коллективное обсуждение, формулируются научные понятия и выводы. Учитель дополняет и корректирует объяснения. Пример: обсуждение причин повышения температуры в накрытой банке как модели парникового эффекта.

Контекстуализация (применение в новой ситуации). Ученики применяют полученные знания к другим ситуациям, решают практические задачи, делают мини-проекты. Формируется способность переносить знания на новые контексты. Пример: анализ последствий изменения климата в своём регионе и предложение решений.

Контроль (оценивание и рефлексия). Учитель и ученики оценивают, что было усвоено. Возможны тесты, самооценка, взаимная оценка, рефлексия. Цель — выявить прогресс и пробелы. Пример: пройти тест по теме «Изменение климата» или сделать вывод по результатам проекта.

**Преимущества данной модели обучения:**

• Повышает мотивацию и вовлечённость учащихся.

• Формирует навыки критического мышления и научного исследования.

• Развивает умения применять знания в жизни.

• Делает обучение естествознанию более осмысленным и интересным.

Важно разнообразить уроки, например, можно предлагать детям доступные им интересные ситуационные задачи, метод кейс-стади, методы моделирования проблемных ситуаций и т.д.

Учитывая, что одна из компетентностей, формируемая на уроках – цифровая экологическая компетентность, необходимо использование информационно-коммуникационных технологий (ИКТ). ИКТ поддерживают процесс познания, а также способствуют сотрудничеству учащихся и формированию коммуникативных навыков. Современные гаджеты с выходом в Интернет дают возможность осуществить быстрый сбор и анализ дополнительных данных при решении учебных задач, а также увидеть различные природные явления, проводимые опыты и др.

Для детей 5-го класса необходимо проведение экскурсий. Это любая обучающая деятельность за стенами школы. Она дает возможность учащимся получить опыт научного исследования и получения знаний в условиях повседневной жизни. Проведение экскурсий должно быть согласовано с администрацией школы, управлением образования/райОО и осуществляться с привлечением родителей и при строгом контроле безопасности учащихся.

Обсуждение этической и личностной позиции в отношении с природой. Научное познание не отделимо от формирования личностных качеств, – таких, как любознательность, креативность, объективность, честность, восприимчивость, настойчивость и ответственность, – и на это следует обращать внимание в процессе обучения. Учащиеся также могут обсуждать этические аспекты науки и технологий.

Проектно-исследовательская деятельность. Данная деятельность позволяет показать прикладной характер теоретических знаний и практических умений.

В 2025-2026 учебном году преподавание предмета «Естествознание» (Science/Наука) в 5-х классах осуществляется на основании программы. Рекомендуемое распределение недельных часов осуществляется по следующей схеме:

**Таблица 1.**

| Класс | Предмет<br>Естествознание | |
|---|---|---|
| | 1-ое полугодие | 2-ое полугодие |
| 5 | 2 ч. | 2 ч. |

Предлагаемые вопросы для обсуждения учителями предмета «Естествознание» на августовских совещаниях:

- Анализ и обсуждение обновлённого предметного стандарта по естествознанию

- Пути формирования "зелёных" навыков у учащихся в рамках уроков естествознания

- Формирование предметных компетентностей, учащихся в процессе изучения предмета «Естествознание» (желательны конкретные кейсы для обсуждения и обмена опытом)

- Использование цифровых технологий и современных онлайн-инструментов для развития естественнонаучной грамотности

- Развитие функциональной грамотности учащихся через содержание предмета и методы преподавания естествознания

- Естественнонаучная грамотность как составляющая функциональной грамотности в контексте международного исследования PISA-2025

- Формирование кыргыз жараны учащихся на материале предмета «Естествознание»: гражданская ответственность за сохранение экосистем, адаптация к изменению климата и безопасность жизнедеятельности.

**Альфия НАСЫРОВА,**
**старший научный сотрудник лаборатории естественнонаучного и математического образования Кыргызской академии образования**
**Лариса МАРЧЕНКО,**
**старший преподаватель КРСУ**

# МЕН ЖАНА ДҮЙНӨ




«Мен жана дүйнө» предмети - бул интеграцияланган курс, ал табият таануу боюнча билимдер менен адамдын ар түрдүү ишмердүүлүгүнө жана коомдук мамилелер системасына байланыштуу билимдердин өз ара байланышын ачып берет. Ал чындыкты түзгөн кубулуштардын өз ара байланышта болгон айрым жактарын таанып-билүүгө шарт түзөт жана табиятты, коомду жана адамды бирдиктүү кабылдоону калыптандырат.

«Мен жана дүйнө» предметинин мааниси – окуучулар предметтин мазмунун өздөштүрүү процессинде адам, табият жана коомдун байланышы тууралуу практикалык багыттагы негизги билимдерди гана эмес, ошондой эле айлана-чөйрөдөгү себеп-натыйжа байланыштарын түшүнүүгө үйрөнүшөт. Табият таануу маселелерине тереңирээк киришүү илимий ой жүгүртүүнүн негиздерин калыптандырат.

«Мен жана дүйнө» предмети бул табият таануу, мекен таануу, жашоо коопсуздугу, адеп, экология маселелерин бириктирген интеграцияланган предмет. Курстун мазмунуна өзүн таануу жана өзүн-өзү өнүктүрүү маселелери да киргизилген. Жашоо коопсуздугунун негиздерине жана дени сак жашоо образын калыптандырууга чоң көңүл бурулган. Мындан тышкары, предметти окутууда окуучулар финансы боюнча элементардык сабаттуулукту жана медиасабаттуулукту өздөштүрүшөт.

Интеграцияланган «Мен жана дүйнө» предметинин максаты – Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын башталгыч класстарынын окуучуларында илимий дүйнө таанымын, «жаратылыш-адам -коом» системасындагы ар түрдүү жана өзгөрмөлүү чөйрөдө натыйжалуу аракеттенүү жөндөмүн, жаш курагына ылайык деңгээлде калыптандыруу болуп эсептелет.

**2025-2026-окуу жылында «Мен жана дүйнө» предмети боюнча 2 предметтик стандарт колдонулат:**

• 1-4-класстар үчүн предметтик стандарты 11 жылдык билим берүүнүн алкагындагы башталгыч 2, 3, 4-класстардын окуучулары үчүн колдонулат.

• 1-5-класстар үчүн предметтик стандарты - 12 жылдык билим берүү моделинде окуусун баштаган 1- жана 2-класстардын окуучулары үчүн колдонулат.

• 1-4 модели боюнча предметтин өзгөчөлүгү – предметтин мазмуну: мен (жеке инсан), коом, табият деген үч чоң мазмундук багыттын алкагында түзүлгөн. Предметтин мазмуну аркылуу төмөнкү 4 предметтик компетенттүүлүк калыптанат: социалдык-инсандык компетенттүүлүк, табигый-илимий компетенттүүлүк, экологиялык компетенттүүлүк, жашоо коопсуздугу боюнча компетенттүүлүк.

Жаңы 1-6 билим берүү моделинде «Мен жана дүйнө» предмети 1-5-класстарда окутулат. 6-класста предметтин мазмуну өз алдынча эки окуу предметине бөлүнөт: «Табият таануу» жана «Адам жана коом». Бул моделде деле төрт предметтик компетенттүүлүктү калыптандыруу милдети сакталат. Бирок мазмуну кеңейтилет жана мазмундук багыттар өзгөртүлөт. Бул табият таанууга болгон мамилени тереңдетүү жана башталгыч мектептен, 1-класстан тартып эле табигый илимдердин жана илимий ой жүгүртүүнүн негизин калыптандыруу зарылдыгынан улам шартталган.

**Ошентип, жаңы предметтик стандартта «Табият» мазмундук багыты эки багытта берилет:**

1. Өлкөмдүн табияты
2. Табият таануу

2025-2026-окуу жылында башталгыч мектепте 2 типтеги окуу планы иштейт.







**12 жылдык билим берүү моделинде «Мен жана дүйнө» предметин окутуу сааттарынын көбөйүшү төмөнкү факторлор менен шартталган:**

**2025–2026-окуу жылы үчүн башталгыч мектептерде окуу саатарын бөлүштүрүү**

| Классы | Предмети | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 1-класс | Мен жана дүйнө | 4 |
| 2-класс | Мен жана дүйнө | 4 |

1–6 (12 жылдык окутуу)
*долбоор*

| Классы | Предмети | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 2-класс | Мен жана дүйнө | 2 |
| 3-класс | Мен жана дүйнө | 2 |
| 4-класс | Мен жана дүйнө | 2 |

1–4 (11 жылдык окутуу)

• Предметтин мазмунунун кеңейиши, жаңы мазмундук багыттын пайда болушу.

• Окуучулардын айлана-чөйрөнү таанып-билүүсүндө алардын активдүү аракетин камсыз кылган, жаңы методдор менен формаларды колдонууну шарттаган окутуу ыкмаларынын өзгөрүшү.

• Практикалык иштердин, тажрыйбалардын, изилдөөлөрдүн, долбоорлордун, экскурсиялардын ж.б. көбөйүшү.

• Окуучулардын кебин өнүктүрүү, активдүү сөз байлыгын байытуу, окуучулар тарабынан берилген жана сунушталган маалыматтар менен иштөө жөндөмүн калыптандыруу.

**Колдонулуучу ресурстар:**

12 жылдык билим берүү моделиндеги 1-2-класстарда «Мен жана дүйнө» предметинин «Табият таануу» мазмундук багыты «Табият таануу» окуу-методикалык комплекси (адаптацияланган басылышы) «Окуу китеби» басмасы аркылуу камсыздалат.

**Калган мазмундук багыттар үчүн мугалимдер 1-4-класстардын программасында колдонулган ар түрдүү дидактикалык жана таркатма материалдарды колдоно алышат:**

• «Наристе» программасы үчүн 480 сааттык дидактикалык материал.

• Видеоматериалдар жана IBilim электрондук ресурсу.

• «Санарип сабак» платформасында жайгаштырылган видео сабактар.

• Иш дептерлер, окуу колдонмолору.

• Дидактикалык жана таркатма материалдардын мугалимдердин өздүк иштеп чыккан үлгүлөрү жана башкалар.

Мугалим сабактын темасына, максатына жана милдеттерине ылайык керектүү дидактикалык же видеоматериалдарды чыгармачылык менен тандап колдонсо болот.

**Окутууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрү**

**1-класс.**

2025-2026-окуу жылында 1-класска 5-6 жаштагы балдар келет, бул өзгөчө окутуу ыкмасын талап кылат. Алар менен иштөөдөгү негизги метод – оюн. Айлана-чөйрөнү таанып-билүү активдүү изилдөөчүлүк жана оюн ишмердүүлүгү аркылуу жүргүзүлөт.

«Табият таануу» (1-класс) окуу китептери менен иштөө элементардык окуу көндүмдөрүн талап кылат. Анткени окуу жылынын башында балдарда мындай көндүмдөр али толук калыптана элек, ошондуктан окуу материалын төмөнкүдөй пропорцияда бөлүштүрүү максатка ылайыктуу:

**1-класс.** Окуу жылынын биринчи жарымында предметтин мазмунунун негизги бөлүгүн социалдык-инсандык темаларга (Мен, менин үй-бүлөм, менин мектебим ж.б.) арноо зарыл. Бул убакыт ичинде мугалим окуучуларга элементардык окуу көндүмдөрүн үйрөтө алат. Бул 2-жарым жылдыктан тартып «Табият таануу» (1-класс) окуу китебин колдонуу менен табигый илимдер боюнча темаларды өтүүгө мүмкүнчүлүк берет. 1-класс окуучуларынын жаш өзгөчөлүгүн жана оюн ишмердүүлүгүнөн окуу ишмердүүлүгүнө акырындык менен өтүү процессин эске алуу менен, Кыргыз билим берүү академиясынын (КББА) сайтына жайгаштырылган календардык-тематикалык планда (КТП) сабак темалары жумалык негизде топтолгон. Мазмуну жакын темалар бир жума ичинде өтүлүп, теманын толук түшүнүлүшүнө шарт түзөт.

**2-класс.** 2025-2026-окуу жылында 2-класска мектеп босогосун биринчи жолу аттаган окуучулар чогулат. Алардын баары ар кандай билим берүү уюмдарында мектепке даярдоо программалары менен даярдалган деп болжолдонууда. Бирок даярдык деңгээли айырмаланышы мүмкүн. Ошондой эле алар биринчи жолу мектепке келип, жаңы шартка ыңгайлашуу мезгилине байланыштуу табигый жүктөмдөрдү башынан өткөрүшөт. Ошондуктан окуу жылынын 1-чейрегин билим берүү көндүмдөрүн теңдөө иштерине арноо зарыл. Бул этапта негизинен оюн ыкмаларын колдонуу сунушталат. Бул мезгилде «Мен жана дүйнө» предметинде табигый-илимий жана социалдык-инсандык маселелер окуу жылынын башынан тартып тең пропорцияда каралат. Бирок иш дептерлерин колдонуу жазуу көндүмдөрү калыптанган соң гана толук мүмкүн болот. Ошондуктан «Табият таануу» (2-класс) окуу-методикалык комплексин октябрь айынан тартып, окуучуларды адаптациялоо мезгилин бүткөндөн кийин киргизүү максатка ылайыктуу.

Мындан тышкары, 1- жана 2-класстардын социалдык-инсандык мазмундагы материалдарын интеграциялоо маанилүү. Бул этапта мугалим мурун 1-класс (1-4 модели) үчүн колдонулган ар кандай дидактикалык материалдарды пайдаланса болот. Кыргыз билим берүү академиясынын (КББА) сайтында жайгаштырылган 2-класска арналган календардык-тематикалык план ушул өткөөл мезгилди эске алуу менен түзүлгөн.




**2-4-класстар (11 жылдык модель)**

Бул класстардагы окуучулар «Мен жана дүйнө» предмети боюнча 2022-жылы бекитилген 1-4-класстарга арналган предметтик стандартка ылайык окуусун улантышат. Стандартты камсыз кылуу үчүн мугалимге Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуш кылган «Мекен таануу», «Жашоо коопсуздугунун негиздери» окуу китептерин, ошондой эле таркатма дидактикалык материалдарды жана предметтин талаптарына жооп берген, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга өбөлгө түзгөн башка окуу колдонмолорду колдонууга уруксат берилет. Мугалим предметтин окуу программасын, окуучулардан күтүлүүчү натыйжаларын кылдат изилдеп, ар бир сабакка ылайыктуу окуу материалдарын тандашы керек.

**Окутуу методикасы**

1. «Мен жана дүйнө» предметинин өзгөчөлүктөрү жана билим берүү натыйжалары төмөнкүдөй методикалык талаптарды жаратат:

2. Окуучулардын таанып-билүү муктаждыктарын канааттандырууга багытталган окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу.


3. Окуучулардын мугалим бири-бири, айланадагы адамдар менен ар түрдүү өз ара аракеттенүү формаларын, алардын жеке өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен колдонуу.

Окуучуларда илимий дүйнө таанымды калыптандыруу үчүн сабактан тышкаркы жана кошумча ишмердүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу.

Мугалимдин ролу өзгөрүшү керек. Билимди “жеткирүүчү” жана маалыматты “берүүчү” ролунан чыгып, мугалим "таанып-билүү жолдорунун жол көрсөткүчү" болушу керек.

Мугалим окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууга өбөлгө түзгөн, аларды активдештирген педагогикалык технологияларды колдонуп, окуучулардын активдүү ишмердүүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

**Ольга СОЛОШЕНКО,**
**№65 ЖББМ директору**



# Я И МИР




Предмет «Я и МИР» - это интегрированный курс, раскрывающий соотношение между естественнонаучными знаниями и знаниями, отражающими различные виды человеческой деятельности и систему общественных отношений, обеспечивающий познание отдельных сторон действительности в их взаимосвязи и формирующий целостное восприятие природы, общества и человека.

Значение предмета «Я и МИР» состоит в том, что в ходе его изучения учащиеся овладевают основами практико-ориентированных знаний не только о взаимосвязях человека, природы и общества, но и учатся осмысливать причинно-следственные связи в окружающем мире. Погружение в вопросы естествознания формирует основы научного мышления.

Предмет "Я и МИР" является интегрированным предметом, объединяющим вопросы естествознания, родиноведения, безопасности жизнедеятельности, этики, экологии. В содержание курса включены вопросы самопознания, саморазвития. Большое внимание уделено основам безопасности жизнедеятельности и здоровому образу жизни. Изучая предмет, учащиеся получают элементарные навыки финансовой грамотности и медиаграмотности.

Целью интегрированного предмета «Я и МИР» является формирование у учащихся начальных классов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики научной картины мира, готовности эффективно взаимодействовать в многообразной и изменчивой среде в системе «природа - человек - общество» на доступном для их возраста уровне.

**В текущем учебном году действуют 2 предметных стандарта по предмету "Я и МИР".**

• Предметный стандарт 1-4 для 2, 3, 4 классов, продолжающих обучение в начальной школе.

• Предметный стандарт 1-5 для 1, 2 классов вновь пришедших в школу, начинающих обучение по 12-летней модели образования.

Особенностью предмета в модели 1-4 является построение содержания в рамках 3 крупных содержательных линий: я(личность), общество, природа. На содержании материала формируются 4 предметные компетентности: социально-личностная, естественно-научная, экологическая и безопасной жизнедеятельности.

В новой модели образования 1-6 предмет "Я и МИР" изучается до 5 класса включительно. В 6 классе содержание предмета переходит в самостоятельные учебные предметы Естествознание и Человек и общество.

Сохраняется задача формирования тех же четырех предметных компетенций. Но добавляется содержание и видоизменяются содержательные линии. Это обусловлено необходимостью углубить естественнонаучный подход и заложить основы естественных наук и научного мышления в начальной школе с 1 класса.

Таким образом, содержательная линия «Природа» в новом предметном стандарте представлена двумя направлениями: Природа моей страны и Естествознание.

В 2025-2026 учебном году в начальной школе будут действовать 2 типа учебного плана

**Увеличение количества часов на изучение предмета "Я и МИР" в 12-летней модели обусловлено следующими факторами:**

• Увеличением содержания предмета, появлением новой содержательной линии

• Изменением подходов к преподаванию, обеспечивающих активное действие учащихся по познанию окружающего мира, новых методов и форм работы детей и учителя.

• Увеличение числа практических работ, экспериментов, исследований, проектов, экскурсий и т.д.

• Обеспечение развития речи учащихся, обогащение активного словаря, работы с информацией представленной и представляемой детьми в различных видах

**Используемые ресурсы.**

• В 1, 2 классе 12-летней модели обучения содержательная линия Естествознание в предмете Я и МИР обеспечивается учебно методическим комплексом "Естествознание", издательства Окуу китеби (адаптированное издание).

• Для остальных содержательных линий педагоги вправе использовать различный дидактический и раздаточный материал , которым пользовались для программы 1-4:

• дидактический материал к программе "Наристе" 480 ч.

• видеоматериалы и электронный ресурс IBilim

Изменение содержания естественнонаучного направления в курсе предмета Я и МИР

| 1-4 | |
|---|---|
| Содержательная линия | Тематические линии |
| Природа | Природа живая и неживая. |
| | «Зеленые навыки» и безопасность |
| | Человек-часть природы. ЗОЖ |
| | Как мы познаем мир |

| 1-5 | |
|---|---|
| Естествознание | Наше тело |
| | Быть здоровым |
| | Природа живая и неживая |
| | Животные. Растения |
| | **Среда обитания** |
| | **Материалы, вещества, частицы** |
| | **Свет и темнота. Тени** |
| | **Электричество** |
| | **Энергия** |
| | **Силы. Измерение сил** |
| | **Полезные ископаемые. Горные породы.** |
| | **Магниты** |
| | **Звуки** |
| | Земля и космос |
| | Как мы познаем мир |
| Природа моей страны | Окружающий природный мир |
| | Безопасность в природе |

Распределение учебных часов в начальной школе 2025-2026 уч.г.

| Класс | Предмет | Количество часов |
|---|---|---|
| 1 класс | Я и мир | 4 |
| 2 класс | Я и мир | 4 |

1-5 (12)

| Класс | Предмет | Количество часов |
|---|---|---|
| 2 класс | Я и мир | 2 |
| 3 класс | Я и мир | 2 |
| 4 класс | Я и мир | 2 |

1-4 (11 )

• видеоуроки, расположенные на платформе САНАРИП САБАК

• рабочие тетради, учебные пособия

• собственные разработки дидактического и раздаточного материала и др.

Учителю нужно будет проявить творчество в подборе необходимого дидактического или видеоматериала к теме урока его целям и задачам.

**Особенности организации обучения:**

**1 класс.** В 2025-2026 учебном году в 1 класс придут дети 5-6 лет, требующие особого подхода к организации обучения. Ведущим методом работы с ними должна быть игра. Познание мира через активную исследовательскую и игровую деятельность . Ведение учебников "Естествознание" 1 кл. требует элементарных навыков чтения. Поскольку такие навыки на начало учебного года у детей ещё не выработаны, рапределение учебного материала целесообразно осуществлять в следующих пропорциях

В 1 полугодии большую часть содержания предмета необходимо посвятить социально-личностным темам (Я, моя семья, моя школа и т.д) . За это время педагог сможет научить элементарным навыкам чтения. Это позволит перейти к естественнонаучным вопросам во 2 полугодии с использованием учебника "Естествознание" 1 класс.

Учитывая возраст детей 1 класса и постепенный переход от игровой деятельности к учебной, в КТП , расположенном на сайте Кыргызской академии образования (КАО),темы уроков сгруппированы понедельно. Близкие по содержанию темы изучаются в течение одной недели, чтобы обеспечить целостное восприятие вопросов.

**2 класс.** Во 2 классе 2025-2026 учебного года соберутся учащиеся, впервые переступающие порог школы. Предполагается, что все они были подготовлены программами подготовки к школе в различных образовательных учреждениях. Однако уровень подготовки может отличаться. К тому же все они впервые приходят в школу и будут испытывать естественные нагрузки, связанные с периодом адаптации к новым условиям. Поэтому 1 четверть учебного года необходимо посвятить выравниванию образовательных навыков. Использовать преимущественно игровые методы работы.

На данном этапе естественнонаучные и социально-личностные вопросы в предмете "Я и МИР" будут рассматриваться в равных пропорциях с начала года. Однако использование рабочих тетрадей потребует сформированных навыков письма для выполнения заданий. Поэтому УМК "Естествознание 2 кл" целесообразно ввести с октября посвятив время адаптации учащихся.

Так же важно обеспечить интеграцию материала 1 и 2 классов в социально-личностном содержании. Поэтому на данном этапе учитель може использовать различные дидактические средства, используемые ранее для учащихся 1 класс (1-4).

Календарно-тематическое планирование для 2 класса, расположенное на сайте Кыргызской академии образования (КАО) разработано с учетом данного переходного периода.

**2-4 класс (11)**

Учащиеся данных классов продолжают обучение по предметному стандарту "Я и МИР" для 1-4 (утвержденному в 2022 г). Для обеспечения стандарта учитель может использовать учебники "Родиноведение", ОБЖ, рекомендованные Министерством просвещения. А также раздаточные дидактические материалы и иные учебные пособия, которые соответствуют требованиям к предмету и способствуют формированию ключевых и предметных компетенций. Важно внимательно изучить учебную программу предмета, ожидаемые результатыучащихся, и подбирать обучающие материалы на каждый урок.







**МЕТОДИКА ОБУЧЕНИЯ**

**Особенности предмета «Я и мир» и образовательных результатов диктуют следующие требования к методике обучения:**

1. Организация учебной деятельности, обеспечивающей реализацию познавательных потребностей учащихся


2. Использование различных форм взаимодействия учащихся с учителем, друг с другом, с окружающими людьми, с учетом индивидуальных особенностей и возможностей учащихся

3. Использование возможности внеклассной и внеурочной работы для формирования у учеников научной картины мира.


Должна измениться роль учителя. От "вещателя" знаний и " передатчика" информации учитель должен перейти на роль проводника по дорогам познания.

Ему необходимо обеспечить активную деятельность учащихся применяя педагогические технологии, активизирующие учеников, способствующие формированию у них функциональной грамотности.



# МУЗЫКА



12 жылдык мектептик жалпы билим берүү – бул ар бир окуучунун ички потенциалын ачууга багытталган масштабдуу милдет. Күтүлгөн негизги натыйжа функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу болуп саналат. Демек, окуучулар музыкалык алган билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн реалдуу жашоодо колдонуу жөндөмү. Бул жөн гана фактылардын жана цифралардын жыйындысы эмес, музыкалык-эстетикалык, улуттук салттуу маданият тармагында сынчыл ой жүгүртүү, көйгөйлөрдү чечүү, курчап турган дүйнө менен улуттук музыкалык-эстетикалык баалуулуктарды натыйжалуу өз ара аракеттенүү жана дайыма өзгөрүп турган шарттарга көнүү болот. Мындан тышкары, музыкалык билим, тарбия берүү окуучунун калыптанышына өбөлгө түзүп, окуучуда коомдук чемендерге жана күтүүлөргө ылайык улуттук баалуулуктар тутумун тарбиялашы керек. Мында, башталгыч мектептеги музыка предметинин мазмундук багыттары, күтүлгүүчү натыйжалары аныкталып окутуу процессинде музыкалык-эстетикалык билим, тарбияга үйрөтүү принциптери эсептелет. Демек, заманбап коомдо ийгиликтүү жашоо үчүн музыкалык-эстетикалык, улуттук нарк, маданият багытындагы зарыл болгон негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүнү камтыйт.

«Музыка» предмети 1-6-класстардагы окуу жүктөмү, 2025-2026-окуу жылынын Базистик окуу планына (БОП) ылайык окутулат. Демек, 1-класста (6 жашта) жумасына 2 саат, 2-класста (7 жашта) жумасына 2 саат, 3-6-класстарда жумасына 1 сааттан окутулат.

Ар бир класста жылдык темалар берилген. Ошол темалардын негизинде ар бир чейрек үчүн бөлүнгөн сааттардын санына жараша, музыкалык сабат, уктуруу жана аткаруу үчүн берилген музыкалык чыгармалар сунушталган. Календардык-тематикалык планды түзүүдө мугалимдин чыгармачылык менен мамиле кылуусу талап кылынат.

### ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР:

Предметти окутуунун жыйынтыгынын натыйжасы, төмөнкү үч багыттагы предметтик компетенттүүлүктөр менен такталат. Алар:

1. **Аткаруучулук компетенттүүлүгү** – окуучулар хор/жекече ырдаганды жана жөнөкөй музыкалык аспаптарда ойногонду, музыканы/обонду туура аткарууну, музыканын фонунда ыргак менен текст/монолог, декламация айтканга, музыкалык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусун билдирет.

2. **Эмоционалдык-образдуулук компетенттүүлүгү** – окуучулар сезимдерин музыка аркылуу билдирүүгө жана музыка берген эмоцияларды түшүнүүгө аракеттенүүсүн билдирет.

3. **Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүк** – окуучулар музыканын сулуулук сезимин өрчүтүп, ар кандай музыкалык ыргактарды, формаларды, стилдерди жана чыгармачыл идеяларды баалоосун билдирет.

Предметтин мазмундук багыттары, музыкалык тил жана таасирдүү музыкалык-көркөм каражаттардын, аткаруучулук көндүмдөрүн, ар кандай жанрларды, стилдерди жана кыргыз салттуу маданиятты, окуучунун музыканы угуу жөндөмүн жана эстетикалык кабылдоосун өнүктүрүүнүн негизги элементтерин, кыймылдуу жөнөкөйлөтүлгөн музыкалык оюндардын түрлөрүн, ар кандай музыкалык чыгармаларды аткарууну, угууну үйрөнүүнү талап кылат жана окуучунун улуттук маданиятын калыптандырат. Музыка сабагы төмөндөгүчө **3 функцияны** өзүнө камтыйт. Алар: **а) *Ырларды аткаруу*** – бул окуучулардын жаш курагына жана чеберчилигине ылайыктуу ар кандай ырларды аткаруу аркылуу ырдоо жөндөмүн, музыкалык таасирдүүлүгүн жана ыргактык сезимин өнүктүрүүгө багытталган практикалык ишти билдирет; **б) *Музыканы угуу*** – бул ар кандай ыргактагы, жанрдагы жана стилдеги чыгармалардын өзгөчөлүктөрүн угуу жөндөмүн, эмоционалдык кабылдоону жана түшүнүүнү өнүктүрүү максатында музыкалык чыгармаларды активдүү кабыл алуусун билдирет; **в) *Музыкалык сабаттуулук*** – бул музыкалык теориянын баштапкы негиздерин, музыкалык ноталардын аталыштарын, созулуштарын, ноталык станга жазылуусун жана музыканы нота менен окуу эрежелерин өздөштүрүү, бул окуучуларга музыкалык чыгармаларды түшүнүүгө жана жөнөкөй музыкалык аспаптарда ыргак менен ойноого жардам берүүсүн билдирет.

### МАЗМУНДУК БАГЫТТАР:

**1. Музыкалык тил жана таасирдүү көркөм каражаттар** – окутуунун алгачкы этаптарында нота, ыргак, обондун элементтери сыяктуу музыкалык теориянын негиздерин өздөштүрүүгө басым жасалат. Окуучулар негизги музыкалык символдорду таанып, угуу сезимин өрчүтүшөт жана музыкалык фразаларды чечмелөө жөндөмүн өрчүтүшөт.

**2. Практикалык аткаруу жана аткаруучулук көндүмдөрүн өнүктүрүү** – окуучулар ар кандай музыкалык аспаптарда (мисалы, комуз, добулбас, фортепиано (окуучулар үчүн), урма аспаптар, элдик урма аспаптар ж.б.), ошондой эле хор/жекече ырдоолорго активдүү катышышат. Бул моторикасын, координациясын жана командадын өз ара аракеттенүүсүн жана өз жөндөмүнө болгон ишенимин өркүндөтөт.

**3. Ар кандай ыргактарды, жанрларды, стилдерди жана салттуу маданиятты үйрөнүү** – окутуу улуттук элдик, классикалык музыка, ар кандай этностордун элдик ырлары, заманбап музыкалык багыттар менен таанышууну камтыйт. Кыргызстандын жана дүйнөнүн маданий ар түрдүүлүгүнө басым жасалып, толеранттуулукту жана маданияттар аралык түшүнүктү өркүндөтөт.

**4. Угуу жөндөмүн жана эстетикалык кабылдоону өнүктүрүү** – окуучулар музыканы кунт коюп угууну, анын түзүлүшүн жана эмоционалдык билдирүүсүн талдоону үйрөнүшөт. Бул тенденциянын алкагында сынчыл ой жүгүртүү жана уккан чыгармалар боюнча өз таасирлерин билдирүү жөндөмү өнүгөт.

Бул мазмундук багыттар Кыргызстандын музыкалык билим, тарбия берүү тутумунун улуттук музыкалык жана маданий баалуулуктары менен гармониялуу өнүккөн инсанды тарбиялоо максаттарына шайкеш келген негизги көндүмдөрдөн баштап, чыгармачыл жаратмандыкка чейин окуучулардын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кылат.

2025-2026-окуу жылында 12 жылдык билим берүүдө 5-класстын окуучуларын окутууга эки класстын (5 жана 6-класстардын) окуу материалдарынын негизги бөлүктөрүн бир класста өздөштүрүшөт. 5-6-класстардын материалдары окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрү эске алынып, уланмалуулук эске алынган. 5-класстын интеграцияланып түзүлгөн программасы окуучулардын өздөштүрүүсүнө ылайыкташтырылган. Өткөөл мезгил үчүн 5-класстын интеграцияланып түзүлгөн программасы КББАнын сайтынан алсаңыздар болот. Калган класстар 2025-2026-окуу жылында 11 жылдык билим берүүнүн 2024-2025-окуу жылындагы окуу программасы менен билим берүүнү улантат.

Музыка предметин окутуунун негизги методдоруна токтолуп кетели. Алар:

*1. Практикалык методу* – окуучулардын жаш курактарына ылайык элдик (комуз, кыл кыяк ж.б. күүлөр), классикалык музыкалык чыгармаларды, ыргак менен декламацияны түздөн-түз аткарууга, жөнөкөй музыкалык аспаптарда ойноого, хор/жекече ырдоого жана импровизацияга негизделген. Бул, окуучунун чыгарманы аткаруу жөндөмүн, музыканы угууну жана ыргактык сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

*2. Угуу методу* – чыгармаларды угуу, талдоо жана талкуулоо аркылуу музыканы активдүү кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камтыйт. Бул метод улуттук музыкалык чыгармаларды угууну жана эстетикалык кабылдоону калыптандырууга жардам берет.

*3. Түшүндүрмө-иллюстрациялык метод* – визуалдык материалдарды, иллюстрацияларды, комьютердик музыкаларды, ноталык жазуулардын көрсөтүүнү жана аткаруу үлгүлөрүн колдонуу менен музыканын теориялык аспектилерин түшүндүрүүнү камтыйт.

*4. Оюн методу* – окутуунун оюн формаларын (музыкалык оюндар жана жомоктор, конкурстар, викториналар) колдонот, бул сабактарды кызыктуу кылат жана окуучунун активдүү катышуусу аркылуу билимдин бекемделишине өбөлгө түзөт.

*5. Долбоордун методу* – чыгармачыл тапшырмаларды аткарууну, өз алдынча музыкалык долбоорлорду же мини-спектаклдерди түзүүнү камтыйт, бул окуучулардын чыгармачылыгын жана өз алдынчалыгын өнүктүрөт.

*6. Интегративдик метод* – музыка сабагын башка предметтер (мен жана дүйнө, адабият, тарых, көркөм өнөр ж.б.) менен байланыштырат, бул, предметтер аралык өнүгүүнү жана маданий контекстти тереңирээк түшүнүүнү жеңилдетет.

Ошондой эле, музыка предметин окутуунун заманбап методикасын жогорулатуу максатта, музыка мугалимине төмөнкү музыкалык программаларды, тиркемелерди сунуштайбыз. Алар:

- «Computerdik piano» жана «Forte» тиркемелердин жардамы аркылуу окуучулардын ар кандай аспаптардын (арфа, кларнет, труба, керней, сурнай, барабан, гитара, пианино, синтезатор, коңгуроо, урма аспаптар ж.б.) компьютердин клавиатурасында обонду ойноо мүмкүнчүлүгүн калыптандыруу;
- мугалимдин жардамы менен окуучулардын «Cyber Synthesizer» (Кибер Синтезатор) «Rock» (Рок), «Rock and Roll» (Рок-н-ролл), «Country» (Кантри) стилинде өз алдынча композицияларды түзүүгө жардам берүү;
- «Музыкалык аспаптардын тарыхы» (History of musical instruments) жана «Электрондук фортепиано» (Electronic piano) тиркемелеринин жардамы аркылуу окуучулардын музыкалык аспаптарды теориялык жактан гана үйрөнбөстөн, виртуалдык түрдө ойноо мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу.

Окутуунун ар түрдүү методдорун колдонуу окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алууга, алардын предметке болгон кызыгуусун арттырууга жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн комплекстүү өнүгүүсүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Музыкалык педагогиканын маанилүү милдети сабактын максаттарына, даярдык деңгээлине жана ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша методдордун оптималдуу айкалышын тандоо болуп саналат.

Музыка сабагында окуучулардын жетишкендиктерин баалоо – бул окуу материалдарын өздөштүрүү деңгээлин аныктоонун, музыкалык көндүмдөрдү өнүктүрүүнүн жана кенже мектеп окуучулардын улуттук музыкалык маданиятын калыптандыруунун системалуу процесси. Бул процессте окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө маалыматты чогултуу, талдоо жана чечмелөө, алардын күчтүү жактарын, ошондой эле кошумча көңүл бурууну жана колдоо талап кылган тармактарды аныктоо болот.

Музыка сабагында баалоонун негизги аспектилерине төмөнкүлөр кирет:

– ***Калыптандыруучу баалоо*** – окуу процессинде жүргүзүлөт жана окуучулардын прогрессине дайыма көз салууга багытталган. Бул учурда оозеки комментарийлер, аткаруу байкоолору, өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо колдонулат. Мындай мамиле мугалимдерге сабактын методдорун жана мазмунун өз убагында ондоп – түзөөгө, ал эми окуучуларга алардын жетишкендиктерин жана жакшыртуу багыттарын билүүгө жардам берет.

– ***Суммативдик баалоо*** – окутуунун белгилүү бир этабы аяктагандан кийин жүргүзүлөт (мисалы, тема же бөлүм изилденгенден кийин). Анын алкагында тесттер, тесттик тапшырмалар колдонулушу мүмкүн, бул программанын конкреттүү аспектилери боюнча билимди, билгичтикти жана көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет.

– ***Диагностикалык баалоо*** – жаңы материалды үйрөнүүдөн мурун окуучулардын музыкалык көндүмдүүлүгүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо үчүн же зарыл болсо, ар бир окуучунун индивидуалдуулугун аныктоо үчүн колдонулат.

– ***Баалоо критерийлери*** – аткаруучулук чеберчиликти билүү (интонациянын тазалыгы, ыргактык тактык), нотаны окуй билүү, сабакка активдүү катышуу, чыгармачыл демилгелер жана музыканы эмоционалдык кабыл алуу кирет. – ***Баалоо формалары*** – ар түрдүү: оозеки сүйлөшүүлөр, байкоолор, окуучулардын жумушунун портфолиосу, өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо, жетишкендиктерди объективдүү талдоо үчүн атайын баалоо таблицаларын колдонуу.

Музыка предметин окутуу 2025-2026-окуу жылында Базистик окуу планына (БОП) жана Кыргыз Республикасындагы билим берүүгө байланыштуу укуктук-ченемдик документтерге ылайык өтөт. Ошентип, БОП боюнча, кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдүү жалпы билим берүү уюмдарында «Музыка» предметин окутуу үчүн 1-2-класстарда жумасына 2 саат, 3-6-класстарда жумасына 1 саат окутулат.

12-жылдык билим берүү системасында башталгыч класстарда (1-6-кл.) Музыка предметин атайын адистин окутуусу зарыл жана милдеттүү экендигин эске алыңыздар.

### АВГУСТ КЕҢЕШМЕСИНДЕ «МУЗЫКА» ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА МУГАЛИМДЕРДИН СЕКЦИЯСЫНДА ТАЛКУУЛООГО МАСЕЛЕЛЕР.

1. «12 жылдык билим берүү системасында Музыка сабагында Жасалма интеллекти (ЖИ) жана музыкалык-компьютердик технологияларды колдонууда мугалимдин ролу» аттуу темада **тегерек стол**.
2. Музыка предметинин заманбап методикасы: STEAM жана функционалдык сабаттуулук.
3. 12 жылдык билим берүү системасында Музыка предметин окутуу, санариптештирүү, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр.
4. 12 жылдык билим берүү системасында Музыка мугалимдеринин педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу маселелери жана келечеги.

**Ж.ДУЙШЕНАЛИЕВ,**
**КРнын Агартуу министрлигинин алдындагы РПККЖжКД Институнун «Маалыматтык жана Art-технологиялар» кафедра башчысынын м.а.**

# МУЗЫКА



12-летнее школьное общее образование – это масштабная задача, направленная на раскрытие внутреннего потенциала каждого ученика. Ожидаемый основной результат – формирование функциональной грамотности, то есть способности учащихся применять полученные музыкальные знания, умения и навыки в реальной жизни. Это не просто набор фактов и цифр, а критическое мышление, решение проблем в области музыкально-эстетической, национальной традиционной культуры, эффективное взаимодействие с окружающим миром и национальными музыкально-эстетическими ценностями, а также адаптация к постоянно меняющимся условиям. Кроме того, музыкальное образование и воспитание способствуют формированию личности учащегося, воспитывая в нем систему национальных ценностей в соответствии с общественными нормами и ожиданиями.

В этом контексте определены содержательные направления предмета «Музыка» в начальной школе, ожидаемые результаты и принципы обучения музыкально-эстетическому образованию и воспитанию. Следовательно, современное общество требует развития необходимых базовых и предметных компетентностей в музыкально-эстетической, национальной, культурной сферах для успешной жизни.

**ПРЕДМЕТНЫЕ КОМПЕТЕНТНОСТИ:**

Результат изучения предмета определяется следующими тремя направлениями предметных компетенций:

**1. Исполнительская компетентность** – означает, что учащиеся умеют петь в хоре или сольно, играть на простых музыкальных инструментах, правильно исполнять музыку/мелодию, воспроизводить текст/монолог или декламацию под музыкальный ритм, а также обладают соответствующими музыкальными знаниями, умениями и навыками.

**2. Эмоционально-образная компетентность** – означает стремление учащихся выражать свои чувства через музыку и понимать эмоции, передаваемые музыкальными произведениями.

**3. Музыкально-эстетическая компетентность** – означает развитие у учащихся чувства прекрасного в музыке, умение различать и оценивать различные музыкальные ритмы, формы, стили и творческие идеи.

Содержательные направления предмета включают в себя основные элементы развития музыкального языка и выразительных художественно-музыкальных средств, исполнительских навыков, различных жанров, стилей и традиционной кыргызской культуры, способности учащегося к восприятию музыки и эстетическому восприятию, разновидности подвижных упрощённых музыкальных игр, исполнение и восприятие различных музыкальных произведений, что способствует формированию национальной культуры учащегося.

Уроки музыки включают в себя три основных функции:

**1.** *Исполнение песен* – это практическая деятельность, направленная на развитие вокальных способностей, музыкальной выразительности и чувства ритма учащихся путём исполнения различных песен, соответствующих возрасту и уровню подготовки.

**2.** *Слушание музыки* – означает активное восприятие музыкальных произведений с целью развития навыков восприятия различных ритмов, жанров и стилей, а также эмоционального отклика и понимания музыки.

**3.** *Музыкальная грамотность* – включает в себя освоение основ музыкальной теории: названия нот, их длительности, запись на нотном стане, правила чтения нот. Это помогает учащимся понимать музыкальные произведения и играть ритмы на простых музыкальных инструментах.

**СОДЕРЖАТЕЛЬНЫЕ ЛИНИИ:**

**1. Музыкальный язык и выразительные художественные средства** – на начальных этапах обучения делается акцент на освоении основ музыкальной теории, таких как ноты, ритм, элементы мелодии. Учащиеся учатся распознавать основные музыкальные символы, развивают слух и умение интерпретировать музыкальные фразы.

**2. Практическое исполнение и развитие исполнительских навыков** – учащиеся активно участвуют в хоровом/сольном пении и игре на различных музыкальных инструментах (например, комуз, добулбас, фортепиано (для учащихся), ударные инструменты, народные ударные и др.). Это способствует развитию моторики, координации, командного взаимодействия и уверенности в своих способностях.

**3. Изучение различных ритмов, жанров, стилей и традиционной культуры** – обучение охватывает знакомство с национальной народной и классической музыкой, народными песнями различных этносов, современными музыкальными направлениями. Особое внимание уделяется культурному разнообразию Кыргызстана и мира, развитию толерантности и межкультурного понимания.

**4. Развитие слухового восприятия и эстетического чувства** – учащиеся учатся внимательно слушать музыку, анализировать её структуру и эмоциональное содержание. В рамках этого направления развивается критическое мышление и умение выражать собственные впечатления от услышанных произведений.

Эти содержательные линии обеспечивают всестороннее развитие учащихся – от базовых навыков до творческого самовыражения – и соответствуют целям музыкального образования и воспитания, направленных на формирование гармонично развитой личности на основе национальных музыкальных и культурных ценностей Кыргызстана.

В 2025-2026 учебном году при 12-летнем обучении ученики 5-х классов будут осваивать в одном классе основные части учебного материала двух классов (5-го и 6-го). Материалы для 5-6 классов учитывали возрастные особенности учащихся с учетом преемственности. Интегрированная программа 5-го класса адаптирована к усвоению учащимися. Интегрированная программа 5 класса на переходный период доступна на сайте КАО. Остальные классы продолжат обучение в 2025-2026 учебном году с 11-летней учебной программой на 2024-2025 учебный год.

К основным методам обучения относятся:

**Практический метод** – основан на непосредственном исполнении народных (например, комуз, кыл кыяк и др.) и классических музыкальных произведений, декламации с ритмом, игре на простых музыкальных инструментах, хоровом/сольном пении и импровизации, в соответствии с возрастом учащихся. Этот метод способствует развитию исполнительских навыков, музыкального слуха и чувства ритма.

**Метод слушания** – включает активное восприятие музыки через прослушивание, анализ и обсуждение музыкальных произведений. Способствует формированию эстетического восприятия и интереса к национальной музыкальной культуре.

**Объяснительно-иллюстративный метод** – предполагает использование наглядных материалов, иллюстраций, компьютерной музыки, нотной записи и демонстрации примеров исполнения для объяснения теоретических аспектов музыки.

**Игровой метод** – использует игровые формы обучения (музыкальные игры, сказки, конкурсы, викторины), делает уроки более увлекательными и способствует прочному усвоению знаний через активное участие учащихся.

**Проектный метод** – включает выполнение творческих заданий, разработку самостоятельных музыкальных проектов или мини-спектаклей, что развивает творческое мышление и самостоятельность учащихся.

**Интегративный метод** – устанавливает связь между музыкой и другими предметами (окружающий мир, литература, история, изобразительное искусство и др.), облегчая межпредметное развитие и более глубокое понимание культурного контекста.

Использование разнообразных методов обучения позволяет учитывать возрастные особенности учащихся, повышать интерес к предмету и обеспечивать комплексное развитие предметных компетентностей. Важнейшая задача музыкальной педагогики – выбрать оптимальное сочетание методов в соответствии с целями урока, уровнем подготовки и индивидуальными особенностями каждого ученика.

В целях повышения современной методики преподавания музыкального предмета предлагаем учителю музыки следующие музыкальные программы, приложения. Они:

С помощью приложений «Computerdik Piano» и «Forte» учащиеся могут изучать различные музыкальные инструменты (арфа, кларнет, труба, Керней, супнай, барабан, гитара, фортепиано, синтезатор, колокольчики, ударные инструменты и т. д.) формирование способности воспроизводить мелодию на клавиатуре компьютера;

помощь учащимся в создании собственных композиций в стиле «Cyber Synthesizer» (киберсинтезатор), «Rock» (рок), «Rock And Roll» (Рок-н-ролл), "Country» (Кантри) с помощью учителя;

Формирование у учащихся возможностей не только теоретического изучения музыкальных инструментов, но и виртуальной игры с помощью приложений «История музыкальных инструментов» (History of Musical Instruments) и «Электронное фортепиано» (Electronic Piano).

Применение различных методов обучения позволяет учитывать возрастные особенности учащихся, повышать их интерес к предмету и обеспечивать комплексное развитие предметных компетенций. Важной задачей музыкальной педагогики является выбор оптимального сочетания методов в зависимости от целей урока, уровня подготовки и индивидуальных особенностей каждого ученика.

Оценка достижений учащихся на уроках музыки – это систематический процесс определения уровня усвоения учебного материала, развития музыкальных навыков и формирования национальной музыкальной культуры у младших школьников. В процессе оценки происходит сбор, анализ и интерпретация информации о достижениях учащихся, выявление их сильных сторон, а также тех областей, которым необходимо уделить дополнительное внимание и поддержку.

**К ОСНОВНЫМ АСПЕКТАМ ОЦЕНКИ НА УРОКАХ МУЗЫКИ ОТНОСЯТСЯ:**

– *Формирующее оценивание* – проводится в процессе обучения и направлено на постоянное отслеживание прогресса учащихся. Используются устные комментарии, наблюдения за исполнением, самооценка и взаимная оценка. Такой подход помогает учителям своевременно корректировать методы и содержание урока, а учащимся – понимать свои успехи и направления для улучшения.

– *Суммативное оценивание* – проводится по завершении определённого этапа обучения (например, после изучения темы или раздела). Может включать тесты и контрольные задания, позволяющие определить уровень усвоения знаний, умений и навыков по конкретным аспектам программы.

– *Диагностическое оценивание* – используется до начала изучения нового материала с целью определения исходного уровня музыкальных способностей учащихся или, при необходимости, индивидуальных особенностей каждого ученика.

***Критерии оценки*** – включают: владение исполнительским мастерством (чистота интонации, точность ритма), умение читать ноты, активность на уроках, творческую инициативу и эмоциональное восприятие музыки. – ***Формы оценивания*** – разнообразны: устные беседы, наблюдения, портфолио учащихся, самооценка и взаимная оценка, использование специальных таблиц оценивания для объективного анализа достижений.

В 2025-2026 учебном году обучение предмету "Музыка" будет проходить в соответствии с базисным учебным планом и нормативно-правовыми документами, связанными с образованием в Кыргызской Республике. Согласно БУПу, для преподавания предмета "Музыка" в общеобразовательных организациях на кыргызском, русском, узбекском и таджикском языках в 1-2 классах - 2 часа в неделю, в каждом классе в течение одного учебного года. 3-6 классах - 1 час в неделю, в каждом классе в течение учебного года.

В 12-летней системе образования в начальных классах (1–6 классы) обучение музыкальному предмету у специализированного специалиста является необходимым и обязательным.

**ВОПРОСЫ ДЛЯ ОБСУЖДЕНИЯ НА АВГУСТОВСКОМ СОВЕЩАНИИ НА СЕКЦИИ УЧИТЕЛЕЙ ПО ПРЕДМЕТУ МУЗЫКА**

1. Круглый стол на тему «Роль учителя в применении искусственного интеллекта (ИИ) и музыкально-компьютерных технологий на уроках музыки в 12-летней системе образования».

2. Современная методология преподавания предмета "Музыка": STEAM и функциональная грамотность.

3. Преподавание предмета "Музыка", оцифровка, основные и предметные компетенции в 12-летней системе образования.

4. Проблемы и перспективы повышения педагогического мастерства учителей музыки в 12-летней системе образования.

**Ж.ДУЙШЕНАЛИЕВ,**
**и.о. заведующий кафедрой**
**«Информационные и Art-технологии»**
**РИПКиППК при Министерстве**
**просвещения КР**

# ДЕНЕ ТАРБИЯ

2025-2026-окуу жылындагы жаңылануунун өбөлгөлөрү катары 12 жылдык жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын, 1-6- жана 7-12-класстар үчүн дене тарбия предметинин **предметтик стандарттарынын** жана **окуу программаларынын** кабыл алынышын таануу зарыл. Жогорудагы ченемдик-укуктук документерге ылайык билим берүүнүн структурасы, мазмуну жана күтүлүүчү натыйжалары өзгөртүлдү. Ага байланыштуу 1-6-класстардагы билим берүү башталгыч, 7-9-класстардагы – негизги жана 10-12-класстардагы – орто деңгээл иретинде таанылды. Дене тарбия предметинин концептуалдык негиздери өзгөртүлүп, жаңы методологиялык мамилелер, предметтик компетенттүүлүктөрдүн курамы аныкталды. Мазмундук өңүттө дене тарбия багыттары иштелип чыгып аларды ишке ашыруу методдору, технологиялары, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо ыкмалары сунушталды. Дене тарбия предметинин натыйжалуулугун арттыруу максатында окутуу процессин **ресурстук камсыздоо** боюнча минималдык талаптар, шыктандыруучу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү жолдору иштелип чыкты. Мындай жаңылануу дене тарбия сабагын окутуу методикасын максаттык, милдеттик, мазмундук, ыкмаларды колдонуу жана уюштуруу формалары деңгээлиндеги төмөндө көрсөтүлгөн жагдайларды эске алуу зарылдыгын бышыктайт.

**Максаттык деңгээлде** дене тарбия сабагы окуучунун негизги баалуулуктарга, компетенттүүлүктөргө жана инсан катары калыптанышына негизделген кыймыл-аракет фондун жакшыртууга, дене-бой жана физикалык жактан жетилип-өнүгүүсүнө, талыкпай эмгектенүүгө жана Мекенди коргоого болгон даярдыгын жакшыртып сергек жашоо образын калыптандырууга багыт алуу вазийпасын аткарат. Максатка жетүү, эреже катары, дене тарбия сабагында билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк милдеттерди чечүүнү талап кылат. Билим берүүчүлүк милдетинин ишке ашырылышы дене тарбиялоонун натыйжалуулугун камсыз кылуучу билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө, компетенттүүлүккө жана функционалдык сабаттуулукка ээ кылуу дегенди билдирет. Тарбиялык милдеттер окуучунун жаш курагына жана дүйнө таанымына таянган руханий-адеп-ахлактык негизги баалуулуктарды калыптандырып, аны инсан катары тарбиялоого салым кошот. Ал эми өнүктүрүүчү милдеттер дене тарбия зарылдыгын таануу, ага болгон кызыгууга, кыймыл-аракет маданиятына, дене-бой жана физикалык жактан жетилип өнүгүүгө, талыкпай эмгектенүүгө жана Мекенди коргоого негизделген окуучунун сергек жашоо образын калыптандыруу маселесин чечүүгө арналат. Жалпылап айтканда мектептик дене тарбия процесси концептуалдык өңүттө олуттуу өзгөрдү дегенди билдирет.

**Методологиялык** деңгээлдеги жаңылануу окуучуга карата жекече мамиле кылуу, системдүү иш алып баруу, теория менен практиканын айкалышын камсыз кылуу, коопсуздукту, ден соолукту сактоо талаптарын күчөтүү, өзгөчө башталгыч билим берүү деңгээлинде кыймылдуу оюндарды ойнотуу ыкмаларын байма-бай колдонууну талап кылат. Жекече мамиле кылуу ар бир окуучунун физикалык абалын, даярдык деңгээлин жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен дене тарбия каражаттарын, ыкмаларын, физикалык жүктөм жана эс алуу компоненттерин окуучунун жынысына жана жаш курагына ылайыкталышын камсыз кылуу дегенди билдирет. Системдүү иш алып баруу дене тарбия сабагын өтүүдө окуу программанын талаптарын ырааттуу аткаруу, жылдык план-графикти, чейректик иш планды максаттуу ишке ашыруу, дене тарбия каражаттарын үзгүлтүксүз колдонуу жана кайталоо менен коштолот. Теория менен практиканын айкалышын камсыз кылуу дене тарбия көнүгүүлөрүн максаттуу үйрөтүү, туура тамактануу, күнүмдүк режимди сактоо жана сергек жашоо жөнүндөгү билимдерди берүү, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууну, кыймыл-аракет активдүүлүгүнүн илимий негиздерине басым жасоону көздөйт. Коопсуздукту жана ден соолукту сактоо талаптарын күчөтүү ар кандай жаракат алуунун алдын алуу, жардам берүүнү, коргоону уюштуруу, адекваттуу тапшырма берип, физикалык жүктөм берүү жана эс алуу режимин сактай билүүгө милдеттендирет. Ал эми оюндарды ойнотууда улуттук кыймылдуу оюндарга басым жасоо менен коштолот.

**Мазмундук деңгээлде** 12 жылдык билим берүүгө өтүү дене тарбияга негизделген күтүлүүчү натыйжага багыттап окутуу процессин уюштуруу дегенди билдирет. Күтүлүүчү натыйжа катары окуучунун дене тарбия, инсан катары калыптануу жана сергек жашоо багыттарындагы компетенттүүлүктөрү таанылат. Дене тарбия багытындагы компетенттүүлүк окуучунун кыймыл-аракет маданияты, дене бой жана физикалык жактан жетилиши, адистештирилген билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болушу менен мүнөздөлөт. Инсан катары калыптануу компетенттүүлүк окуучунун дене тарбия менен байланышкан ишмердүүлүгүндө чынчыл жана ак ниет болушу, башкаларга жан тартуу жана жоопкерчилик менен мамиле кылышы, мелдеш учурунда ар намыстуу болууга умтулушу менен мүнөздөлөт. Ал эми сергек жашоо компетенттүүлүгү окуучунун дене маданиятын калыптандыруу зарылдыгын таанышы, расмий бекитилген жалпы физикалык даярдыктын нормаларын жана талаптарын аткарышы, сергек жашоо эрежелерин карманышы дегенди билдирет жана баалоо процедуралары менен коштолот.

Күтүлүүчү натыйжаларды камсыз кылуучу мазмундук багыттар окуу программасында көрсөтүлөт жана жетекчиликке алууну талап кылат. Ага ылайык, окуу программасы эки бөлүктөн тураарын белгилейбиз. Биринчиси "кыймыл-аракетке үйрөтүү", экинчиси "физикалык сапаттарды өрчүтүү" деп аталат. Ал эми теориялык билимдерге ээ кылуу ар бир мазмундук линиялардын алкагында, сабак өтүү учурунда мугалим тарабынан маалымат берүү жана окуучу тарабынан үй тапшырмасын аткаруу иретинде ишке ашырылат. Физикалык сапаттарды өрчүтүүдө беш негизги сапатка басым жасалат. Алар күч, ылдамдык, ыкчамдык, чыдамкайлык жана ийилчээктик сапаттары катары таанылат жана аларды баалоо нормалары окуу программасында көрсөтүлгөнүн белгилейбиз.

Окуу программасы базалык (48 саат) жана вариативдик (20 саат) бөлүмдөн турат. Бир жылдык окуу жүктөмү 68 саатты түзүп, 1-12-класстарда жумасына 2 саат көлөмдө дене тарбия сабагын окутуу каралат. Укуктук өңүттө базалык бөлүмдөгү мазмун билим берүү уюмдарынын тибине жана менчик формасына карабастан милдеттүү түрдө аткарылат. Вариативдик бөлүмдүн мазмуну дене тарбия мугалими тарабынан өз алдынча иштелип чыгат. Вариативдик бөлүм материалдык-техникалык, адистик камсыздоо шарттары орун алган учурда, окуу жай жайгашкан региондун өзгөчөлүктөрүн жана окуучулардын спортко карата кызыгуусун канааттандыруу максатында мугалимге жана окуу жайга белгилүү бир деңгээлде эркиндик берүү максатын көздөп ишке ашырылат. Эгерде тийиштүү шарт орун албаса, анда окуу программасынын базалык бөлүмүндөгү мазмун тереңдетилип окутулат.

**Окутуу ыкмалары/технологиялары деңгээлинде** кыймыл-аракетке үйрөтүү жана физикалык сапаттарды өрчүтүү процесстери белгилүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана дидактикалык принциптерди кармануунү талап кылат. Кыймыл аракеттерге үйрөтүү так, түшүнүктүү жана айкын милдеттерди аныктоодон жана эреже катары 3 этаптан турат. 1-этапта кыймыл-аракеттин "башталгыч мектеби" (жөнөкөй көнүгүүлөрдү аткарууга жана башкарууга үйрөтүү) камсыздалса, 2-этапта "жакындатып үйрөтүүчү көнүгүүлөрдү" аткарып кыймыл аракеттин кийинки татаал формаларын өздөштүрүүгө умтулуу жана 3-этапта ар бир кыймыл-аракетти "өнүккөн деңгээлге жеткирүү" ишке ашырылат. Жогоруда белгиленген этаптар үйрөтүү предметин түзгөн кыймыл аракеттердин мүнөзүнө жана татаалдыгына жараша ар кандай убакытты сарптайт жана окутуу методикасын өзгөртөт.

Үйрөтүү процесси жана ыкмаларды колдонуу кыймылдардын санынан, татаалдыгынан жана аларга мүнөздүү фазалардын орун алышынан көз каранды болот. Анткени, кыймыл-аракеттин мейкиндиктеги, убакыт ченеминдеги жана күч-аракетти сарптоодогу айырмачылыктарды эсепке алуу маанилүү роль ойнойт. Кыймыл-аракетти өнүккөн деңгээлге жеткирүү координациялык чеберчиликти жана ритмикалык түзүлүштү түптөө менен коштолот. Мындай өбөлгөлөр кыймыл-аракетке үйрөтүүдөгү негизги ыкманы туура тандоого негиз болот. Ага байланыштуу, жөнөкөй кыймылдарды бүтүндөй, ал эми татаал кыймылдарды бөлүккө бөлүп үйрөтүү колдонулат. Кыймыл-аракетти бүтүндөп үйрөтүүдө көнүгүүнү аткарууга мүнөздүү даярдоочу, негизги жана жыйынтыктоочу фазаларды ажыратып таанууга, алардын ар бирин өз алдынча үйрөтүүнү уюштурууга жана фазалардын ич ара байланышын камсыз кылууга олуттуу көңүл бурулат. Тигил же бул кыймыл-аракетти сапаттуу аткарууга кайсы физикалык сапат кандай деңгээлде таасир тийгизээри да эске алынат. Мындай учурда, тийиштүү физикалык сапатты алдын ала өрчүтүүнүн үстүнөн иш алып баруу, андан соң кыймыл-аракетти өздөштүрүүгө киришүү натыйжалуу болот.

Дене тарбия сабагы даярдоо, негизги жана жыйынтыктоочу бөлүктөрдөн турат. Даярдоо бөлүгү окуучунун организмин алдыда орун алуучу физикалык активдүүлүккө даярдоо максатын көздөйт, мазмундук өңүттө жалпы өнүктүрүүчү жана даярдоочу көнүгүүлөр кеңири колдонулат. Сабактын негизги бөлүгүндө жаңы көнүгүүлөрдү үйрөтүү, мурда өздөштүрүлгөн көнүгүүлөрдү кайталоо, негизги физикалык сапаттарды тарбиялоо орун алат. Жыйынтыктоочу бөлүктө ар кандай багыттагы жана жүктөмдөгү тапшырмаларды аткарууда орун алуучу физикалык чарчап чаалыгуу, атаандаштык менен аткарылган ишмердүүлүктөгү эмоционалдык чыңалуу сезимдерин мурдагы абалга кайрадан келтирүү милдети чечилет.

Дене тарбия сабагында төмөндөгү ыкмаларды жана технологияларды колдонуу сунушталат. Алар: а) үйрөтүү ыкмалары: билим берүү (сөз жана көрсөтүү ыкмалары), практикалык үйрөтүү (бүтүндөй жана бөлүп үйрөтүү), каталардын алдын алуу, жоюу (жакындатып көндүрүү, техниканын негизин өзгөртүү, чек коюу), жыйынтыкты текшерүү (педагогикалык, биомеханикалык жана физиологиялык) ыкмалары; б) дене тарбия ыкмалары: так регламент менен аткаруу, оюн ойноо жана мелдешүү ыкмалары; в) аткаруу ыкмалары: бир мезгилде, топто, жекече, кезек күтүп, биринин артынан экинчиси агылып аткаруу ыкмалары; г) технологиялар: салттуу үйрөтүү, өнүктүрүүчү үйрөтүү, жеке окуучуга багытталган үйрөтүү, дифференцияланган үйрөтүү технологиялары.

**Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо деңгээлинде** дене тарбия сабагынын билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк милдеттеринин жана мазмундук линиялардын ишке ашкандыгын мүнөздөөчү предметтик компетенттүүлүктөр бааланат. Билим берүүчүлүк милдеттердин ишке ашканы окуучунун дене тарбия багытындагы компетенттүүлүгүнүн калыптанышы менен мүнөздөлөт. Баалоонун предмети катары окуу программасында каралган көнүгүүлөрдү, элементтерди, комбинацияларды туура, так жана сапаттуу аткаруу, жалпы жыйынтык иретинде калыптанган кыймыл-аракеттин курамы, активдүүлүгү, маданияты, дене бой жана физикалык жактан жетилүүнү мүнөздөгөн теориялык маалыматтарга ээ болушу таанылат. Баалоо ыкмасы катары теориялык текшерүү жана сапаттык мүнөздөмө сунушталат. Тарбиялык милдеттердин ишке ашканы окуучунун инсан катары калыптанышы менен мүнөздөлөт. Баалоонун предмети катары дене тарбия көнүгүүлөрүн, мугалим берген тапшырмаларды жана атаандаштыкка негизделген ишмердүүлүктө окуучунун чынчыл жана ак ниет болушу, башка окуучуларга карата жан тартуу жана жоопкерчилик менен мамиле кылышы, мелдеш учурунда намыстуу болушу таанылат. Негизги ыкма катары педагогикалык байкоо, окуучуга кеп кеңеш берүү сунушталат. Өнүктүрүүчүлүк милдеттердин ишке ашканы окуучунун сергек жашоого умтулуусу, дене бой жана физикалык жактан жетилиши таанылат. Негизги ыкма катары педагогикалык байкоо, тестирлөө жана ченөө ыкмалары сунушталат. Окуучунун эмоционалдык (психологиялык) жана социалдык саламаттыгына карата байкоону уюштуруу маанилүү роль ойнойт. Өзгөчө окуучунун өзүн өзү сезүү абалына, окуучулардын ич ара мамилелерине, кездешүүчү кыйынчылыктарды жеңе билишине, спорттук жабдууларга, шаймандарга, берилген тапшырмаларга карата мамилесине, оюн ойноо, өзгөчө атаандаштыкка негизделген мелдешүү ишмердүүлүгүндөгү жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүү сунушталат. Окуучунун жүзүндөгү жылмаю, терисинин тазалыгы, кыймыл-аракеттин эркиндиги, шайдооттугу, айлана-чөйрөгө карата аяр мамиле кылуусу жана медициналык карточкасындагы маалыматтар окуучунун сергек жашоо образы жөнүндөгү жалпы пикирди калыптандырат. Ар бир алты айда окуучунун медициналык текшерүүдөн өтүп турушу, анын жыйынтыгына негизделген дене тарбия сабагына катышуу укугун узартуу такталат.

Окуучунун дене бой жактан жетилишин баалоодо дене массасынын индекси (Кетле индекси), дене түзүлүшүндө – кандайдыр бир кемчиликтердин орун албашы, жалпы физикалык даярдыкта – күч, ылдамдык, ыкчамдык, ийилчээктик жана чыдамкайлык сапаттарын ченөөчү тесттер колдонулат.

Окуучунун сергек жашоого умтулуу, дене бой жана физикалык жактан жетилүү сүрөттөмөлөрү мугалим тарабынан алардын жыныстык жана жаш курактык өзгөчөлүктөрүн жетекчиликке алуу менен бааланат. Тестттердин курамы, индекстердин баалоо критерийлери окуу программасында каралат.

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо анын диагностикалык, формативдик жана суммативдик түрлөрү колдонулат. Диагностикалык баалоо окуучунун окуу жетишкендиктерин алдын ала баалоо максатын көздөйт. Окуучунун предметтик компетенттүүлүгүнүн баштапкы көрсөткүчү аныкталат жана алар расмий критерийлерге карата салыштырат. Алынган натыйжа жалпыланган сүрөттөмө катары таанылат жана дене тарбия сабагынын мазмунуна алымча-кошумчаларды киргизүү, сабактын сапатын жогорулатуу максатында колдонулат.

Формативдик баалоо окуу программасындагы мазмунду окуучу кандай деңгээлде өздөштүргөнүн, жеке өздөштүрүү темпин аныктайт жана ийгиликти камсыз кылуу максатында окуучуга жекелештирилген сунуштар берилет. Окуу процессин пландоого тийиштүү тактоолорду, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө негиз болот.

Суммативдик баалоо учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу форматта жүргүзүлөт жана окуучунун жеке даярдык деңгээлин аныктайт. Учурдагы баалоо дене тарбия мугалими, кээде окуучунун өзү тарабынан жүргүзүлөт жана окуу программасында каралган нормаларды жана талаптарды жетекчиликке алуу менен уюштурулат. Аралык баалоо окуу программасында көрсөтүлгөн нормалардын жана талаптардын негизинде тийиштүү мазмундук линия ишке ашырылган соң жүргүзүлөт. Жыйынтыктоочу баалоо календардык планга ылайык чейректик, жарым жылдык жана окуу жылдын аягында уюштурулат.

Баалоо окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу төмөндөгү тартипте жүргүзүлөт: 1-3-класстардын окуучуларынын окуу жетишкендиктерин баалоодо алар жараткан ийгиликти сүрөттөө ыкмасы колдонулат. Критериалдык нормаларга жана талаптарга негизделген баллдык баа кою системасы 4-класстан баштап киргизилет жана баалоонун сапаттык сүрөттөөчү ыкмалары менен коштолот.

Окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоодо кайтарым байланышты уюштуруу, окуучунун жеке прогрессин аныктоо жана баалоонун ар кандай формалары (өзүн өзү, бири-бирин баалоо, портфолио даярдоо, өнүгүү картасын иштеп чыгуу) колдонулат. Эреже катары, ар бир чейректин жыйынтыгы чыгарылат, 4-класстан баштап окуучулардын жетишкендик табели толтурулат, коштоочу баяндоо даярдалат жана ата-энелерге маалымат берилет.

Укуктук өңүттө **дене тарбия сабагын ресурстук камсыздоо маселеси** билим берүү уюмдарынын администрациясына, ал эми шыктандыруучу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү маселелери – мугалимге жана окуучуга карата такталган милдеттер иретинде алгачкы жолу аныкталганын белгилейбиз.

